Кыргыз Республикасынын
Эсептее палатасынын Кецешинин
2025-жылдын 26-августундагы
№ 01-22/46 токтому менен бекитилди

# 2024-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 5-мартындагы № 6-1/104 (2025-жылдын 12-мартындагы № 06-1/118 буйругунун редакциясына) жана 2025-жылдын 16-апрелиндеги № 06-1/203 буйругуна ылайык, 2024-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектилери:** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду, аймактык башкармалыктары жана Бирдиктүү төлөөчү тутумундагы саламаттыкты сактоо уюмдары.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (мындан ары – ММК фонду) мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудит тобунун милдети**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде аудиттин предметинин тиешелүү аудит критерийлерине ылайыктуулугу боюнча өз алдынча корутундуга келүү.

Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөө тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети жана критерийлери**

ММК фондунун бюджетинин, кошумча төлөмдөрдүн жана атайын каражаттардын аткарылышын төмөндөгү ченемдик документтерде белгиленген критерийлерге ылайык баалоо аудиттин предмети болуп саналат:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы;
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси,
- **Кыргыз Республикасынын мыйзамдары:**

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө”;

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;

“Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө”;

“Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;

“Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдар, саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу чөйрөлөрүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө”;

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;

“Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө”;

“Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө”;

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө”;

“Бухгалтердик эсеп жөнүндө” ;

“Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө”;

“Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө”;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Министрлер Кабинетинин токтомдору:

-2023-жылдын 15-ноябрындагы № 597 “Кыргыз Республикасында жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу эрежелерин бекитүү жөнүндө”;

-2023-жылдын 20-сентябрындагы № 491 “Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси жөнүндө жобону бекитүү тууралуу”;

-2023-жылдын 21-сентябрындагы № 493 “Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасын бекитүү жөнүндө”;

-2022-жылдын 30-мартындагы №182 Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө;

-2019-жылдын 15-мартындагы № 119 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”;

-2022-жылдын 29-августундагы № 474 “Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;

-2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө”;

-2020-жылы 17-июлундагы № 385 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу”;

-2022-жылдын 1-августу № 436 Кыргыз Республикасынын Бюджеттик программалардын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баалоо жөнүндө;

-2022-жылдын 20-майындагы № 263 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө”;

-2023-жылдын 16-майындагы № 254 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”;

-2021-жылдын 24-декабрындагы № 339 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жөнүндө”;

-2023-жылдын 4-августундагы №450-т Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемеси”;

-Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобо;

-2021-жылдын 30-сентябрындагы № 192 "Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;

-2012-жылдын 11-июнундагы № 389 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 7-майындагы № 287 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Медициналык жардамдын жогорку технологиялуу (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фондун түзүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу”;

-Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 27-январындагы № 82 “2023-2024-жылдарга карата саламаттык сактоо уюмдары үчүн электр, жылуулук жана жаратылыш газын керектөөнүн жылдык лимиттерин бекитүү жөнүндө” буйругу;

-Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 03.09.2021-жылдагы № 1217 “Саламаттыкты сактоо уюмдарынын административдик, башкаруучу жана чарбалык персоналынын штаттык санынын сунушталган типтүү өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө” буйругу.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

ММК фондунун бюджетинин шайкеш аткарылышынын тийиштүү жана жетиштүү далилдерин алуу максатында жана аудиттин максаттарына жетүү үчүн төмөндөгүдөй иштер аткарылды:

-финансылык отчеттуулукту, бухгалтердик жана башка маалыматтарды талдоо;

-кирешелер жана чыгымдар, анын ичинде персонал жана административдик чыгымдар, бекитилген пландар болжолдоолор жана алардын аткарылышы талданды.

Документ жүгүртүүнүн чоң көлөмүнө байланыштуу, аудит тандалма негизде жүргүзүлгөн жана аудит каталарды таппоо үчүн аудитордук тобокелдик укугун өзүнө калтырат.

Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудит мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

-биринчи кол коюу укугу менен: төрага А.К. Муканов, төраганын орун басары М.Т. Шабданов аудит камтыган мезгилде;

-экинчи кол коюу укугу менен: Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук башкармалыгынын администрациялык чыгашалар секторунун башчысы А.Б. Абдрахманова 2024-жылдын 1-октябрына чейин, Эсепке алуу жана отчеттуулук бөлүмүнүн башчысы А.А. Каримова 2024-жылдын 3-октябрынан тартып азыркы мезгилге чейин.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында ММК фондунда жана анын аймактык башкармалыктарында жана саламаттыкты сактоо уюмдарында каражаттарды пайдалануу төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспекттерде мыйзамдын талаптарына шайкеш келери аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы**

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, 2023-жылга бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча ММК фондуна 2024-жылдын 30-августундагы № 01-20/97 жазма буйругун жана № 01-20/101 сунуштамасын жөнөткөн.

Жазма буйруктун 18 пунктунан 5 пункту жарым-жартылай аткарылган (1, 7, 13, 14, 16), мурдагы аудиттин жыйынтыктары, жетишпестиктер жана ашыкча чыгуулар, кызмат көрсөтүүдөн түшкөн кирешелер, курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүн көтөрмөлөө, дебитордук карыздын суммалары (Улуттук Госпиталь, Куршаб ЖДПБ, Ош областтар аралык

балдардын жана өспүрүмдөрдүн кургак учукка каршы ооруканасы, Карасуу ЖДПБ, Жүрөк хирургиясы жана органдар алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институту, Бишкек ш. тез жардам медицина борбору, Бишкек ш. №2 ҮБМБ, Баткен областтык ҮБМБ).

Жалпысынан калыбына келтирүүгө тийиш болгон 32 609,5 миң сомдун 30 144,5 миң сому калыбына келтирилген. Калдыгы 2 465,0 миң сом (Улуттук Госпиталь – 564,5 мин сом; Куршаб ЖДПБ - 58,4 мин сом; Ош областтар аралык балдардын жана өспүрүмдөрдүн кургак учукка каршы ооруканасы - 49,5 мин сом; Карасуу ЖДПБ - 32,8 мин сом; Жүрөк хирургиясы жана органдар алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институту - 1 515,5 мин сом, Бишкек ш. тез жардам медицина борбору - 62,3 мин сом; Бишкек ш. №2 ҮБМБ - 62,3 мин сом; Баткен областтык ҮБМБ – 119,7 мин сом).

Ал эми, сунуштаманын 24 пунктунан 22 пункт аткарылган – 1-18, 20-21, 23-24;

- 2 пункт аткарылган эмес (19, 22 ) "Социалдык инфраструктура объекттерин мындан ары пайдалануунун шарттарын камсыз кылуу боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын талаптарына ылайык жүргүзүүнү, эмгек акынын ашыкча каржыланышын талдоону (Аксы райондук ЖДПБ, Ош областтар аралык балдардын жана өспүрүмдөрдүн кургак учукка каршы ооруканасы);

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку аудиттеринин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктарынын жана сунуштамаларын аткаруу тууралуу 2025-жылдын 19-августундагы №01-16/1083 каты жөнөтүлдү.**

**Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө**

ММК фонду жөнүндө Жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №339 токтому менен бекитилген. Аудит мезгилине, ММК фонду жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу тармагындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруу органы болуп эсептелген (*КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 18-апрелиндеги № 208 токтомунун редакциясына ылайык).*

Учурда, функциялардын кайталанышын болтурбоо жана саламаттыкты сактоо системасын каржылоо механизмдерин реформалоо максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 11-январындагы № 6 токтому менен аталган Жобого өзгөртүүлөр киргизилип, ММК фонду жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу тармагындагы (б.а. базалык мамлекеттик камсыздандыруу функциясы алынган) мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруу органы болуп саналат.

ММК фондунун максаты - Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасынын жана милдеттүү медициналык

камсыздандыруу программаларынын алкагында Кыргыз Республикасынын жарандарын сапаттуу медициналык жана профилактикалык жардам менен кепилденген формада камсыз кылуу.

**2024-жылга ММК Фондунун бюджетинин түзүлүшү**

2024-жылга ММК фондунун бюджетинин түзүмү, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн натыйжасында бюджети олуттуу кыскартылган жана ага байланыштуу пландуу көрсөткүчтөр такталган.

Аудит мезгилине, ММК фондунун бюджети Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин (мындан ары-БК) 12-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын милдеттерин жана иш-милдеттерин каржылык камсыз кылуу үчүн арналган акча каражаттарынын топтоштурулган фонду болуп эсептелген *(2023-жылдын 29-июлундагы редакциясында)*

БКнын 41-беренесине ылайык, ММК фондунун бюджетинин кирешелери төмөндөгүлөрдү түзгөн:

*1) базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруунун каражаттары катары берилүүчү республикалык бюджеттен ассигнованиелер;*

*2) милдеттүү медициналык камсыздандыруунун полистерин сатып алуу жолу менен милдеттүү медициналык камсыздандыруунун тутуму менен камтылбаган юридикалык жана жеке жактардын (анын ичинде чет өлкөлүк) ыктыярдуу төгүмдөрү;*

*3) белгиленген тартипте өндүрүп алынуучу келишимдик милдеттенмелерди тиешелүү түрдө аткарбагандыгы үчүн каржылык санкциялар;*

*4) эл аралык уюмдардан алынган гранттар;*

*5) социалдык камсыздандыруу боюнча жөлөкпулдар;*

*6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка кирешелер.*

БКнын 42-беренесине ылайык, ММК фондунун бюджетинин чыгашалары төмөндөгүлөргө багытталган:

*1) базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандырууну каржылоого;*

*2) милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасын каржылоого;*

*3) Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылууну каржылоого;*

*4) Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жана анын аймактык башкармалыктарынын ишин каржылык жана материалдык-техникалык камсыз кылууга;*

*5) саламаттык сактоо жаатындагы ден соолуктун алдын алуу жана чыңдоо жана башка максаттуу программалар боюнча иш-чараларды каржылоо боюнча саламаттык сактоону колдоого жана өнүктүрүүгө;*

*6) бекитилген бюджеттин алкактарында максаттуу иш-чараларга каражаттарды багыттоо жолу менен саламаттык сактоо уюмдарынын каржылык туруктуулугуна жана каржылык тобокелдиктерин азайтууга.*

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексине өзгөртүүлөр

киргизилгендигине байланыштуу (Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 7-августундагы №163 Мыйзамынын редакциясында) ММК фондунун бюджети бул милдеттүү медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын милдеттерин жана иш-милдеттерин каржылык камсыз кылуу үчүн арналган акча каражаттарынын топтоштурулган фонду.

БКнын 41-беренесине ылайык, ММК фондунун бюджетинин кирешелери:

*1) республикалык бюджеттен төмөнкүдөй ассигнованиелер:*

*- милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары катары берилүүчү;*

*- саламаттык сактоодогу максаттуу программаларды ишке ашырууга берилүүчү;*

*2) Социалдык фонддун бюджетинен алынган милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары;*

*3) медициналык камсыздандыруу полистерин сатып алуу жолу менен милдеттүү медициналык камсыздандыруу тутумуна камтылбаган юридикалык жана жеке (анын ичинде чет өлкөлүк) жактардын ыктыярдуу төгүмдөрү;*

*4) келишимдик милдеттенмелерди талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн белгиленген тартипте өндүрүлгөн финансылык санкциялар;*

*5) эл аралык уюмдардан алынган гранттар;*

*6) социалдык камсыздандыруу боюнча жөлөкпулдар;*

*7) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка кирешелер.*

:БКнын 42-беренесине ылайык, ММК фондунун бюджетинин чыгашалары төмөндөгүлөргө багытталат:

*1) милдеттүү медициналык камсыздандырууну каржылоого;*

*2) милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасын каржылоого;*

*3) Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жана анын аймактык башкармалыктарынын ишин финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылууга;*

*4) милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынын эсебинен саламаттык сактоо жаатындагы ден соолукту алдын алуу жана чыңдоо боюнча иш-чараларды жана башка максаттуу программаларды каржылоо боюнча саламаттык сактоону колдоого жана өнүктүрүүгө.";*

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетин түзүү, бекитүү жана аткаруу теңдештирүү принцибинин негизинде жүзөгө ашырылат.

ММК фондунун 2024-жылга бюджети, 2024-жылдын 22-январындагы № 21 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, **кирешелер боюнча 29 861,4 млн сом** суммасында жана **чыгашалар боюнча 29 861,4 млн сом** суммасында бекитилген.

2025-жылдын 17-январындагы № 12 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык

камсыздандыруу фондунун 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, ММК фондунун 2024-жылга бюджети кирешелер боюнча **20 108, млн сом** суммасында жана **чыгашалар боюнча 20 108,2 млн сом** суммасында такталып, бекитилген параметрлер **9 753,2 млн сомго** өзгөртүлгөн, анын ичинде:

- республикалык бюджеттен алынган каражаттар 10 356,1 млн сомго кыскартылып 12230,1 млн сомду түзгөн (*белгиленген нормаларга ылайык, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин бюджети 10500,0 млн сомго көбөйтүлгөн*).
- Социалдык фонддун бюджетинен алынган каражаттар 343,3 миң сомго көбөйтүлүп 5046,0 млн сомду;
- ММК фондунун башка кирешелери 230,7 млн сомго кыскартылып 400,0 млн сомду;
- акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар 453,2 млн сомго көбөйтүлүп 1993,2 млн сомду;
- жылдын башына карата калдык 37,8 млн сомго көбөйтүлүп 429,6 млн сомду;
-эл аралык уюмдардан алынган трансферттер 0,7 млн сомго кыскартылып 9,3 млн сомду түзгөн.

**Финансылык жана экономикалык көрсөткүчтөр (негиздеме)**

2024-жылы ММК фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан 151 саламаттык сактоо уюму менен келишим түзүлгөн, анын ичинде:

- 59 жалпы дарыгердик практика борборлору (689 Үй-бүлөөлүк дарыгерлер топтору жана 1059 Фельдшердик акушердик пункттар карайт);
- 58 оорукана (10 улуттук борборлору жана 10 областтык ооруканалар;
- 21 үй-бүлөөлүк медицина борборлору;
- Бишкек жана Ош шаарларындагы 2 тез жардам борборлору;
- 11 стоматологиялык клиникалары.

2024-жылы ММК фонду менен келишимдин негизинде иштеген республиканын стационарларында жана жалпы дарыгердик практика борборлорунун стационардык бөлүмдөрүндө 1 167 373 дарыланып чыккан учурлар катталган, анын ичинде:

– жалпы профилдеги стационарларда жалпы дарыгердик практика борборлорунун стационардык бөлүмдөрүндө – 946 411 дарыланган учур;

– кургак учукка каршы стационарларда – 5 347 дарыланган учур;

– адистештирилген стационарларда (онкология, психиатрия) –27 134 дарыланган учур.

Электрондук саламаттык сактоо борборунун маалыматтарына ылайык, 2025-жылдын 1-январына карата абалы боюнча ММК фондунда катталган калктын саны 6 865,6 миң адамды түзгөн, анын ичинен,

камсыздандырылгандар 5 141,7 миң адам (74,9%).

2024-жылы 151127 ММК полиси берилген (2023-жылы 67 165 ММК полиси), анын ичинде:

– камсыздандырылбаган жарандарга – 122 630 полис 251,6 млн сомго;

– чет өлкөлүк жарандарга – 28473 полис 223,3 млн сомго;

– кайрылмандарга – 24 полис 0,01 млн сомго;

– кош бойлуу аялдарга – 62 234 полис Мамлекеттик кепилдиктер программасынын негизинде акысыз берилген.

Жалпысынан 2024-жылы ММК полисин сатуудан 474,9 млн сом түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин "Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин наркы жөнүндө" 2024-жылдын 19-мартындагы №276 буйругу менен Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн 1840 сом, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн 11 910 сом бекитилген.

**ММК фондунун 2024-жылга бюджетинин аткарылышы**

Аудит жыйынтыкталган мезгилге ММК фондунун 2024-жылга бюджетинин аткарылышы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алына элек болчу ("Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу ММК фондунун 2024-жылга бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү тууралуу" Мыйзам долбоорунун маалыматтары пайдаланылды).

**ММК фондунун 2024-жылга бюджетинин аткарылышы**

(миң сом)

| Аталышы | Бекитилген бюджет (2024) | Такталган бюджет (2024) | Четтөө 3-2 | 2024-жылга аткарылышы | Четтөө 5-3 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **Киреше бөлүгүнүн аткарылышы** | | | | | |
| **Жыл башына карата калдыкты эске алуу менен** | **29 861 401,7** | **20 108 235,4** | **-9 753 166,3** | **20 108 883,0** | **647,6** |
| Бюджеттин киреше бөлүгү | | | | | |
| **ММК фондунун башка кирешелери** | **630 738,0** | **400 000,0** | **-230 738,0** | **485 204,0** | **85 204,0** |
| **Алынган расмий трансферттер** | **27 298 831,3** | **17 285 419,8** | **10 013 411,5** | **17 189 408,3** | **-96 011,5** |
| Эл аралык уюмдардан алынган трансферттер | 10 000,0 | 9 307,1 | **-692,9** | 9 307,0 | **-0,1** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Республикалык бюджеттен мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктери тарабынан алынган каражаттар | **22 586 161,7** | 12 230 161,7 | **-10 356 000,0** | 12 134 150,3 | **-96 011,4** |
| Социалдык фонддун бюджетинен алынган каражаттар | **4 702 669,6** | 5 045 951,0 | **343 281,4** | 5 045 951,0 | **0,0** |
| **Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар** | **1 540 015,6** | **1 993 160,3** | **453 144,7** | **2 004 615,4** | **11 455,1** |
| а.и. кошумча төлөм каражаттары | ***788 988,4*** | *890 036,2* | ***101 047,8*** | *898 079,1* | ***8 042,9*** |
| **Жыл башына карата калдык** | **391 816,8** | 429 655,3 | **37 838,5** | 429 655,3 | **0,0** |
| **Чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы** | | | | | |
| **Бардык чыгашалар:** | **29 861 401,7** | **20 108 235,4** | **-9 753 166,3** | **18 671 588,1** | **-1 436 647,3** |
| Эмгек акы | **222 902,2** | 221 756,4 | **-1 145,8** | 220 055,8 | **-1 700,6** |
| Социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр | **31 273,1** | 30 992,9 | **-280,2** | 30 483,5 | **-509,4** |
| Кызматтык сапарларга чыгашалар | **9 359,8** | 9 389,3 | **29,5** | 8 919,7 | **-469,6** |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | **2 589,2** | 1 378,9 | **-1 210,3** | 1 275,1 | **-103,8** |
| Ижара акысы | **10 193,6** | 11 633,2 | **1 439,6** | 11 476,9 | **-156,3** |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | **4 322,9** | 3 892,5 | **-430,4** | 3 659,9 | **-232,6** |
| Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | **8 393,8** | 7 658,5 | **-735,3** | 6 827,0 | **-831,5** |
| Саламаттык сактоо системасында бирдиктүү берене менен берилген чыгашалар | **29 511 251,7** | 19 782 565,9 | **-9 728 685,8** | 18 354 163,3 | **-1 428 402,6** |
| Мүлктү учурдагы оңдоого чыгашалар | **4 673,1** | 3 111,6 | **-1 561,5** | 3 001,6 | **-110,0** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | **5 475,1** | 4 435,6 | **-1 039,5** | 3 920,3 | **-515,3** |
| Көмүрдү жана отундун башка түрлөрүн сатып алуу | **206,0** | 196,0 | **-10,0** | 196,0 | **0,0** |
| Банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөөгө чыгашалар | **2 525,2** | 1 500,0 | **-1 025,2** | 1 238,4 | **-261,6** |
| Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | **1 562,0** | 1 391,8 | **-170,2** | 1 391,8 | **0,0** |
| Имараттар жана курулмалар | **1 400,0** | 1 807,6 | **407,6** | 1 568,6 | **-239,0** |
| Машиналар жана жабдуулар | **29 274,0** | 17 880,7 | **-11 393,3** | 14 769,5 | **-3 111,2** |
| Башка негизги фонддор | **16 000,0** | 8 644,5 | **-7 355,5** | 8 640,7 | **-3,8** |
| **Жыл аягына карата каражаттардын калдыгы** | | | | **1 437 294,9** | **1 437 294,9** |

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, ММК фондунун 2024-жылга карата бюджетинин **киреше бөлүгү** 20 108,9 млн сом суммасында же 100,0%га аткарылган. 2023-жылга салыштырмалуу кирешелердин келип түшүшү 32,0 %га, же 9 441,8 млн сомго азайган (*жогоруда белгиленгендей базалык мамлекеттик медициналык камсыздандырууну каржылоо КР ССМ тарабынан жүргүзүлгөндүгү үчүн)*.

Ошону менен бирге, ММК фондунун бюджетине республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар боюнча ММК фондунун бюджетинин киреше бөлүгү 99,2%га аткарылган же 12 134,2 млн сом киреше алынган.

Мында базалык мамлекеттик медициналык камсыздандырууну ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттардын салыштырма салмагы 60,0%, ал эми милдеттүү медициналык камсыздандыруу үчүн каралган Социалдык фонддун бюджетинен берилүүчү каражаттардын салыштырма салмагы 25,1 % түзгөн же 5 046,0 млн сом киреше алынган.

ММК фондунун башка кирешелери 485,2 млн сомго же 121,3%га аткарылган (ММК полисин сатуудан 474,9 млн сом түшкөн).

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар 2004,7 млн сомго же 100,6%га аткарылган.

*Маалымат катарында:*

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунан** (мындан ары-Социалдык фонду) **ММК фондунун бюджетине чегерүүлөр**

Социалдык фонддун Милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары боюнча карызы 2024-жылдын 1-январына 58,1 млн сомду түзгөн жана 2024-жылдын 20-декабрында которулган.

2024-жылы камсыздандыруу төгүмдөрүн иш жүзүндө жыйноо 5 411,4 млн сомду түзүп ММК фондуна 5 046,0 млн сом которулган.

Социалдык фондунун административдик чыгымдары 3,0 % өлчөмүндө 162,4 млн сомду түзгөн.

2024-жылдын 31-декабрына карата түзүлгөн өз ара салыштыруу актысы боюнча Социалдык фондунун милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары боюнча карызы 261,1 млн сом.

Аудит жыйынтыкталган мезгилге карата, Социалдык фонду тарабынан милдеттүү медициналык камсыздандырууга каражаттар 261,1 млн сом, “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жылга бюджети жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгили жөнүндө” Мыйзамын бекитүүдө кредитордук карыз катары каралбаган жана аталган кредитордук карыз” Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жылга бюджети жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна киргизилген.

**Аныкталды жана Корутунду**

ММК фондунун 2024-жылга бюджетинин карата **чыгаша бөлүгү** 20 108,2 млн сомду түзүп, 18 671,6 млн сом суммасында же 92,9 %га аткарылган. Такталган чыгашалар иш жүзүндө 1 436,6 млн. сомго аткарылган эмес. 2023-жылга (28 352, 6 млн сом) салыштырмалуу чыгашалары 9681,0 млн сомго же 34,1 %га азайган.

ММК фондунун бюджетинин каражаттарынын жалпы чыгымдарынын салыштырмалуу салмагы жалпы профилдеги ооруканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнө 23,2 % же 4 338,0 млн сом, баштапкы медициналык-санитардык жардамга – 49,2 % же 9 194,5 млн сом, адистештирилген ооруканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнө 8,0 % же 1 496,4 млн сом, ооруканалардын жана балдар үчүн реабилитациялык борборлордун кызмат көрсөтүүлөрүнө 5,2 % же 981,0 млн сом туура келет.

**Сунуштама**

Отчеттук мезгил үчүн ММК Фондунун бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн бекитилген жана такталган көрсөткүчтөрүн тиешелүү деңгээлде аткарылышы камсыз кылынсын.

**Атайын эсептердеги каражаттар**

Отчеттук маалыматтар боюнча 2024-жылдын 31-декабрына ММК фондунун топтоо эсебиндеги жана саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептериндеги каражаттардын калдыгы 1 437,3 млн сомду түзгөн, анын ичинен:

ММК фондунун топтоо эсебинде – 581,8 млн сом, анын ичинен 420,5 млн сом – ММК фондунун жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчасы (камсыздандыруу запасы), 10,0 млн сом суммасында иш-чаранын ишинин сапатынын максаттуу көрсөткүчтөрүнө жетишкендиги үчүн үй-бүлөлүк дарыгерлер топторуна дем берүү жолу менен калкка медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жакшыртууга каражаттар, ММК фондунун башка кирешелери 151,3 млн сом.

– саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептериндеги каражаттардын калдыгы 855,5 млн сомду түзгөн.

Республикалык бюджеттин жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун каражаттары боюнча бюджеттик мыйзамдарга киргизилүүчү тактоолор жол-жобосунун кеч киргизилгендигине, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан кечиктирилген каржылоонун ачылгандыгына байланыштуу саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептеринде жылдын аягына карата каражаттардын калдыктары пайда болгон.

Мындан тышкары, саламаттык сактоо уюмдарында товар жана кызмат көрсөтүүчүлөр тарабынан келишимдин шарттарын өз убагында аткарбагандыгына байланыштуу, чыгымдардын кээ бир түрлөрү боюнча чыгымдар жүргүзүлгөн эмес.

**Жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчалар**

“Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2024-жылга бюджети жана 2025-2026-жылдарга пландык мезгили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренеси менен 2023-жылдын башына жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчанын көлөмү 391 889,1 миң сом өлчөмүндө белгиленген.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчанын көлөмү 420 495,9 миң сом өлчөмүндө такталган, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүлөрү көбөйгөндүгүнө байланыштуу, б.а. бекитилген пландан 28 606,8 миң сомго көп.

2024-жылы чыгымдоо жүргүзүлгөн эмес.

**Маалымат катарында:**

**Программалык негиздеги бюджетинин аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.08.2022-жылдагы № 436 “Бюджеттик программалардын натыйжалуулугуна мониторинг жана баа берүү жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, ММК фонду тарабынан 2025-жылдын 7-апрелиндеги № 09-2/400 каты менен 2024-жылга бюджеттик программалардын натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүнө жетишүү жөнүндө отчет жөнөтүлгөн.

**Бюджеттик чыгымдар программасы**

ММК фондунун бюджеттик чыгымдарынын орто мөөнөттүү стратегиясы 4 программаны камтыйт:

1. Башкаруу жана администрациялоо

Программанын максаттары: Бирдиктүү төлөөчү катары Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу ММК фондун институттук жактан күчтөндүрүү. Башка программаларды ишке ашырууга координациялык жана уюштуруучулук таасир этүү.

2. Баштапкы медициналык-санитардык жардамдын кызмат көрсөтүүлөрү

Программанын максаттары: баштапкы медициналык-санитардык жардамдын деңгээлинде ооруларды эрте аныктоо жана диагностикалоо, медициналык жана профилактикалык жардам берүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу.

3. Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан стационардык деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөр

Программанын максаты: Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында стационардык деңгээлде кепилденген медициналык жардам берүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу.

4. Мамлекеттик кепилдиктер программасынын (мындан ары – МКП) көлөмүнөн ашыкча калкка берилүүчү медициналык жана башка кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо

Программанын максаттары: менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдары тарабынан кеңири спектрдеги кызмат көрсөтүүлөрдү берүү аркылуу жарандардын канааттануу деңгээлин жогорулатуу.

## ММК фондунун 2024-жылга бюджетинин программалык негизде аткарылышы

**Программа 1. Башкаруу жана администрациялоо**

Кыргыз Республикасында жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен максималдуу камтуу жана ММК фонду тарабынан милдеттүү медициналык системаны өнүктүрүү максатында “Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган. Кыргыз Республикасында жарандарды ММК боюнча камсыздандыруунун артыкчылыктуу деңгээлине жетишилген. ММК боюнча камсыздандырылгандар 5141,7 миң жаран же 74,9 % түзгөн.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 1 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору “Калкты милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен камтуу” 71% ды, такталган индикатор 71% ды түзгөн же 100% га аткарылган. 2023-жылга салыштырмалуу бул көрсөткүч 100% га аткарылган.

**Программа 2. Баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү (**мындан ары-БМСЖ)

2 Программа 19 индикаторду камтыйт.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 2 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору “Башка программалар боюнча жалпы чыгымдарда БМСЖга чыгымдардын үлүшү” 42,0% ды, такталган индикатор 42% ды түзгөн же 100% га аткарылган. 2023-жылга салыштырмалуу бул индикатор өзгөрүүсүз калган..

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 2 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору “1 тургунга БМСЖ дарыгерлерине баруулардын саны” 1,6 түзгөн, такталган индикатор 1,6 түзүп же 100% га аткарылган. 2023-жылга салыштырмалуу бул индикатор туруктуу бойдон калган.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 2 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору “Пациенттин канааттануу деңгээли (баалоо картасы боюнча)” жана такталган индикатор 82%ды түзгөн же 100%га аткарылган. 2023-жылга салыштырмалуу бул индикатор өзгөргөн эмес.

## Программа 3. Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан стационардык деңгээлде кызмат көрсөтүү

3 Программа 11 индикаторду камтыйт.

31.12.2024-жылга карата ММК фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан 59 стационар, анын ичинде 10 Улуттук борбор жана 10 областтык оорукана жана 58 жалпы дарыгердик практика борборлору менен келишим түзүлгөн. Кургак учукка каршы стационардык жардамды 13 уюм көрсөтөт.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 2 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору “Канааттануу деңгээли (эсептөө картасы боюнча)” 82%ды, такталган индикатор 82 %ды түзгөн же 100 %га аткарылган. 2023-жылга салыштырмалуу бул индикатор 82% түзүп - өзгөргөн эмес.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 3 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору “100 миң калкка ооруканага жаткыруу деңгээли” 13% ды, такталган индикатор 13,4% ды же 97% га аткарылган. 2023-жылга салыштырмалуу бул индикатор 13%ды түзүп же 100 % га аткарылган.

## Программа 4. Калкка мамлекеттик кепилдиктер программасынын көлөмүнөн тышкары көрсөтүлүүчү медициналык жана башка кызматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

4 Программа 3 индикаторду камтыйт.

ММК фонду 37 саламаттык сактоо уюмунда, анын ичинде 35 жеке менчик медициналык борбордо жана 2 мамлекеттик ооруканада (Ысык-Көл жана Нарын облясттык бириккен ооруканалары) бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган бейтаптар үчүн гемодиализдин бюджеттик программасын каржылоону камсыздайт.

Республикалык бюджеттен гемодиализ кызматын каржылоодо өсүш бар, гемодиализ кызматын каржылоо 2021-жылы 274,0 млн сомго (23,4%) көбөйүү менен 1171,1 млн. сом, 2022-жылы - 228,2 млн сомго (16,3 %) өсүү менен 1399,3 млн сом, 2023-жылы – 838,7 млн сомго (16,3 %) өсүү менен 2 238,0 млн сом, 2024-жылы – 934,3 млн сомго (41,7 %) азаюу менен 1 303,7 млн сом. Себеби, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-июнундагы №367-т тескемесин аткаруу максатында жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетинин чечиминин негизинде, гемодиализ кызматтарына арналган каражаттар 2024-жылдын 1-июлунан тартып Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине өткөрүлүп берилген.

2024-жылдагы “Гемодиализ” маалыматтар базасынын реестринде өнөкөт бөйрөк жетишсиздигинин 5-стадиясындагы 3 372 оорулуу бар. 2024-жылы гемодиализдин 195,2 миң сеансы берилген. Жалпысынан 2024-жылы гемодиализ кызмат көрсөтүүлөрү 1 303,7 млн сом суммада каржыланган.

Белгилей кетчү жагдай, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-июнундагы № 367-р тескемесине ылайык, 2024-жылдын 1-июлунан 31-декабрына чейин саламаттыкты сактоо системасын каржылоо механизмдерин реформалоонун өткөөл мезгили болуп саналып, жеке менчик диализ борборлору менен түзүлгөн келишимдер боюнча каржылоо 2024-жылдын 1-июлунан тартып ММК фондунан алынып, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан жүргүзүлө баштаган. Бирок, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо

министрлигинин электрондук маалымат базасы жок болгондугуна байланыштуу, ММК Фондунун электрондук маалымат базасынын негизинде атайын форма боюнча счет-реестр түзүлүп жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине берилип, министрлик тарабынан 2024-жылдын II жарым жылдыгында жалпысынан 1 593,0 млн сом чегерилген.

**Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун (мындан ары-ММК) кошумча программасы жана мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо**

**Аныкталды жана Корутунду**

ММК Кошумча программасы калктын камсыздандырылган категориясын амбулатордук деңгээлде жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылууга багытталган.

Мамлекет тарабынан компенсациялануучу дары каражаттарынын тизмесине 74 эл аралык аталыштагы дары-дармек каражаттары жана 3 медициналык буюмдардын түрү кирген.

2024-жылдын 1-январына карата жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу боюнча фармацевттик фирмалар жана дарыкана мекемелери менен 181 келишим түзүлгөн, чекене дарыканалар тармагында 274 дарыкана жана 806 дарыкана пункттары бар.

Аудит мезгилине ММК Фондунун Кошумча программасы боюнча дары-дармек менен камсыз кылуу үчүн 403 966,8 миң сомго такталып 398 068,8 миң сомго каржыланган, өздөштүрүлбөгөн каражаттар **5 898,0 миң сомду** түзгөн.

2024-жылы 1 296,8 миң рецепт, 2023-жылы 1 636,4 миң рецепт берилген, салыштырмалуу 339,6 миң рецептке аз берилген (Мисалы, 2024-жылы 13,8 миң кош бойлуу аялдарга 1 гана рецепт берилген, ал эми алгачкы 3 айда кош бойлуу аялдарга темир кошулмалары, фолий кислотасы, калий йод же орто эсеп менен 15тен кем эмес рецепт берилиши керек).

2024-жылга бейтаптарды Мамлекеттик кепилдик программанын (мындан ары-МКП) алкагында социалдык маанидеги ооруулар менен ооруган бейтаптарга (параноялык шизофрения, түрдүү генездеги аффективдүү бузуулар, эпилепсия, бронхиалдык астма, гипертониялык оорулар жана терминалдык стадиядагы онкологиялык оорулуулар) дары-дармек менен камсыз кылуу үчүн 70 000,0 миң сом каралган.

2024-жылдын 1-жарым жылдыгында иш жүзүндө МКП боюнча калктын жеңилдетилген дары-дармекти алуусун камсыздоого 20 008,6 миң сомго такталган, 180,7 миң рецепт берилип ММК Фондунан 20 008,6 миң сом бөлүнгөн.

*Белгилей кетчү жагдай, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-июнундагы № 367-р тескемесине ылайык, 2024-жылдын 1-июлунан 31-декабрына чейин саламаттыкты сактоо системасын каржылоо механизмдерин реформалоонун өткөөл мезгили болуп саналып, жеке менчик фармацевтикалык фирмалар менен түзүлгөн келишимдер боюнча каржылоо 2024-жылдын 1-июлунан тартып Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан*

*каржыланган. Бирок, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин электрондук маалымат базасы жок болгондугуна байланыштуу, ММК Фондунун электрондук маалымат базасынын негизинде атайын форма боюнча счет-реестр түзүп жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине берилип, министрлик тарабынан 2024-жылдын II-жарым жылдыгында жалпысынан 71,9 миң рецепт жазылып 26 303,0 миң сом өздөштүрүлгөн.*

Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында социалдык маанидеги оорулар менен ооруган бейтаптарга жеңилдетилген дары-дармек каражаттарын дайындоо үчүн рецепттер берилбегендиктен, пайдаланылбаган каражаттар **23 668,4 миң сом** же 66,2%ды түзгөн (Мисалы, гипертониялык оору менен ооругандарга каралган дары-дармектердин 63,2 миң учурда 1 рецепт берилген, ошол эле учурда бул препаратты клиникалык протоколго ылайык дайыма кабыл алуу зарыл же жыл ичинде минималдуу 12 рецепт талап кылынат).

**Сунуштама**

Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасы жана Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча жеңилдетилген дары-дармектер менен камсыздоого бөлүнгөн каражаттардын өздөштүрүлбөй калуусунун себептерин талдоо менен жогоруда аталган программанын ыңгайлуу шарттары кайра каралсын.

Амбулатордук деңгээлде дарыкана уюмдары аркылуу жеңилдетилген программалар боюнча төлөнүп бериле турган дары-дармектер каражаттарынын санын көбөйтүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полистери**

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө" Мыйзамынын 2-главасынын 8-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын жарандары; башка адамдар: Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин жарандары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү; чет өлкөлүк жарандар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окуп жаткан жана иштеп жаткан чет өлкөлүк адамдар; жарандыгы жок адамдар, качкындар жана Кыргыз Республикасында башпаанек издеген адамдар; кайрылмандар милдеттүү медициналык камсыздандырылууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү уюмдарында окуп жаткан чет өлкөлүк адамдарды милдеттүү медициналык камсыздандырууга камтуу боюнча чаралар аныкталган жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 2-майындагы №2146/1 "Ченемдик укуктук актыны аткаруу жөнүндө буйругунун негизинде Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто окуу жайларынын жетекчилерине Кыргыз Республикасынын окуу жайларында билим алып жаткан чет элдик

студенттерден милдеттүү медициналык камсыздандыруу полистерин талап кылуусу жүктөлгөн.

Бирок, милдеттүү медициналык камсыздандыруудан жаран баш тарткан учурда, кандай иш-чаралар жүргүзүлө тургандыгы тууралуу конкреттүү механизмдер (“рычаг”) каралган эмес.

Жыйынтыгында, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча Форма-7 ОМС-Бюджет “Катталган жарандардын саны жөнүндө” отчетуна ылайык, Кыргыз Республикасында 6865,6 миң жаран катталган, анын ичинен камсыздандырылбаган жарандардын саны 1 723,9 миң адамды түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (https://stat.gov.kg/kg/) расмий сайтынын маалыматы боюнча 2024-жылы Кыргыз Республикасына келген чет өлкөлүк жарандардын саны 14 669 адамды түзгөн. Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында 2024-жылы 49 553 чет өлкөлүк студенттер билим алышкан, анын 28 289 ММК  полисин сатып алышкан.

Белгилей кетчү жагдай, чет өлкөлүк студенттерди ММК полистери менен камтууну камсыз кылуу боюнча Министрлер Кабинетинин планын аткаруу максатында ММК фонду, Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары менен 33 083 чет өлкөлүк студенттерди камсыздандырууга 61 келишим түзүшкөн.

**Сунуштама**

Милдеттүү медициналык камсыздандыруудан баш тарткан жарандарды камсыздандыруу үчүн механизмдерди иштеп чыгуу.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, Кыргыз Республикасынын камсыздандырылбаган жарандары жана чет өлкөлүк жарандардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окуп жаткан жана иштеп жаткан чет өлкөлүк жарандардын камсыздандырылган статусунун милдеттүү болушу боюнча таасир этүүчү чараларды (мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды виза, КРнын аймагына кирүүгө уруксаат берүүдө, миграциялык документтерди тариздөөдө ж.б “рычагдарды”.) киргизүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгууну сунуштайт.

**Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 2-майындагы №2146/1 “Ченемдик укуктук актыны аткаруу жөнүндө буйругуна ылайык, Кыргыз Республикасынын окуу жайларында билим алып жаткан чет элдик студенттерди милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча иштерди жүргүзбөгөндүгү үчүн Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто окуу жайларынын жетекчилеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Эмгек акы фонду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы №263 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомдору, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин буйруктары жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык түзүлгөн жана бекитилген.

“Кыргыз Республикасындагы саламаттыкты сактоо уюмдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык ишканалары башкаруучулук жана финансылык өз алдынчалыкка ээ жана Бирдиктүү төлөөчү системасында келишимдик негизде иштешет.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2019-жылдын 1-февралындагы №33 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоонун баштапкы системасындагы медициналык жана медициналык эмес персоналдын штаттык нормативдерин бекитүү жөнүндө” жана 2021-жылдын 03-сентябрындагы №1217 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын административдик башкаруучу жана тейлөөчү кызматкерлеринин сунушталган типтүү штатын бекитүү” жөнүндө буйруктары менен Медициналык жана медициналык эмес персоналдын штаттык ченемдери, ошондой эле саламаттыкты сактоо кызматкерлерине эмгек акы төлөө методикасы бекитилген.

**Аныкталды жана Корутунду**

151 каржылануучу саламаттык сактоо уюмдарында бардыгы 77 805,50 штаттык бирдик бекитилген, анын ичинен: олуттуу саны Бишкек шаарында-20 518,00 штаттык бирдик (жалпы штаттын 26,4%), Ош областында-19 420,50 штаттык бирдик (25,0%), Жалал-Абад областында -13 056,25 штаттык бирдик (16,8%) ж.б.

Кыргыз Республикасы боюнча бардыгы 68 931,25 штаттык бирдик иштейт, бул штаттык бирдиктердин бекитилген санынын 88,6%ын түзөт же 8 874,25 (77805,50-68931,25) бош орундар бар. Ошол эле учурда, бош турган бирдиктердин эң олуттуу саны Бишкек шаарында катталган - 3 496,50 бирдик же Бишкек шаарында бекитилген бирдиктердин жалпы санынан 17,0 %, Ош областында - 2 550,25 бош бирдик (13,1%), Чүй областында - 1 353,75 бирдик (15,6%), Жалал-Абад областында - 910,25 бош бирдик (7,0%), Талас областында - 174,5 бош бирдик (6,4%), Ысык-Көл областында - 250,75 бош бирдик (5,0%), Нарын областында - 138,25 бош бирдик (4,5%), Ош областында

- 2 550,25 бош бирдик (13,1%) жана Баткен областында бош орундар болгон эмес.

| Штаттар | Бекитилген штаттар | Ээлеген штаттар | Бош орундар (ваканция) (2-3) | Бош орун-дардын % ченеми | Иш жүзүндө иштеген кызмат-керлер | Четтелген штаттар/% (.2-.5) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | % | 5 | 6 | % |
| АБП | 3 037,75 | 2 698,00 | 339,75 | 11,2 | 2 121 | 916,75 | 30,2% |
| Дарыгерлер | 16 361,00 | 13 306,25 | 3 054,75 | 18,7 | 11 446 | 4 915,00 | 30,0% |
| Орто мед. персонал | 33 652,25 | 30 374,75 | 3 277,50 | 9,7 | 26 610 | 7 042,25 | 20,9% |
| Кенже мед. персонал | 16 202,75 | 14 984,75 | 1 218,00 | 7,5 | 12 442 | 3 760,75 | 23,2% |
| Башка персоналдар | 8 551,75 | 7 567,50 | 984,25 | 11,5 | 6 215 | 2 336,75 | 27,3% |
| **Жалпы** | **77 805,50** | **68 931,25** | **8 874,25** | **11,4** | **58 834,00** | **18 971,50** | **24,4%** |
| Бишкек шаары | 20 518,00 | 17 021,50 | 3 496,50 | 17,0 | 13 955,00 | 6 563,00 | 32,0% |
| Чуй областы | 8 669,00 | 7 315,25 | 1 353,75 | 15,6 | 6 258,00 | 2 411,00 | 27,8% |
| Ош областы | 19 420,50 | 16 870,25 | 2 550,25 | 13,1 | 14 495,00 | 4 925,50 | 25,4% |
| Баткен областы | 5 313,00 | 5 313,00 | 0 | 0,0 | 5 149,00 | 164 | 3,1% |
| Жалал-Абад областы | 13 056,25 | 12 146,00 | 910,25 | 7,0 | 10 048,00 | 3 008,25 | 23,0% |
| Ыссык-Көл областы | 5 007,00 | 4 756,25 | 250,75 | 5,0 | 4 007,00 | 1 000,00 | 20,0% |
| Нарын областы | 3 075,75 | 2 937,50 | 138,25 | 4,5 | 2 713,00 | 362,75 | 11,8% |
| Талас областы | 2 746,00 | 2 571,50 | 174,5 | 6,4 | 2 209,00 | 537 | 19,6% |
| **Бардыгы** | **77 805,50** | **68 931,25** | **8 874,25** | **11,4** | **58 834,00** | **18 971,50** | **24,4%** |

Саламаттык сактоо уюмдарында ээлеген штат бирдиктери менен четтелген штат бирдиктери, Бишкек шаарында 68,0% (-6563,0 штаттык бирдик), Ош областында 75,0% (-4925,5 штаттык бирдик), Жалал-Абад областында 83,2 % (-3 008,2 штаттык бирдик.), Чүй областында 88,9 % (-2411,0 штаттык бирдик), Ысык-Көл областында 93,6 % (-1000,0 штаттык бирдик),

Талас областында 96,5 % (-537 штаттык бирдик), Нарын областында 96,0 % (-362,7 штаттык бирдик) түзөт.

Ошону менен бирге, республика боюнча саламаттыкты сактоо уюмдарында иштеген адамдардын саны 58 834 адамды түзгөн, бул бекитилген штаттардан 18 971,5 штаттык бирдикке аз (бекитилген штаттардын 75,6%) же 77 805,50 бирдикти күтүүгө бөлүнгөн каражаттар 58 834 иштеген медицина кызматкерлерине бөлүнөт. Же 58 834 адам 77 805,50 штаттык бирдиктин ишин аткарат же орточо эсеп менен ар бир адам орточо 1,32 бекитилген штаттык бирдикти ээлейт. Ошол эле учурда, аудит саламаттык сактоо уюмдарында физикалык жактан ээлеген штаттык бирдиктердин бекитилген штаттык кызматкерлерге катышы ар кандай экендигин белгилейт.

Саламаттык сактоо уюмдарында бекитилген штаттар менен физикалык жактан ээлеген кызматкерлерине ылайык келтирүү маселелерин кайра кароо зарыл экендиги мурунку аудитте белгиленген.

Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому менен саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары, анын ичинде Эмгекке катышуу коэффициенти (мындан ары - ЭКК) - уюмдун ишинин жалпы натыйжаларына ар бир кызматкердин эмгектик салымын жалпыланган сапаттык жана сандык баалоо белгиленген.

Эмгек акы төлөө шарттарында каралган эмгекке катышуу коэффициентин төлөө бардык мекемелерде каралган эмес, эмгек акы төлөө саясаты бирдей жүргүзүлбөйт.

2024-жылы 151 саламаттык сактоо уюмдарынын ичинен 99 уюм консолидацияланган фонддун каражаттарын үнөмдөөнүн эсебинен эмгекке катышуу коэффициенти аркылуу жалпы суммасы **1 661,8 млн сом** эсептелинген, анын ичинде 1 417,3 млн сом кошумча эмгек акыны жана Социалдык фондго чегерүүлөр 244,5 млн сомду түзгөн.

Мындан сырткары, саламаттык сактоо уюмдарында бош орундардын саны 8 874,25 штаттык бирдиктен болгонуна карабастан, штаттан тышкары эмгек келишимдин негизинде кабыл алынган кызматкерлерге 5,6 млн сом эсептелинип кошумча чыгымга алып келген (юристтер, IT адистери, сатып алуулар боюнча адистер ж.б.).

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**:

1. Саламаттык сактоо уюмдарынын каражаттарын натыйжалуу пайдалануу максатында штаттык кызмат орундарын, тарифтик тизмелерди, анын ичинде бош кызмат орундарын, медицина кызматкерлеринин иш жүзүндө функциялык милдеттерин аткарууда алардын жүгүн аныктоо менен штаттык бирдиктер кайра каралсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 182 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө”

токтомдору төлөө шарттарын, анын ичинен кошумча эмгек акы - эмгекке катышуу коэффициенти боюнча төлөө тартиби кайра каралып чыксын.

**Эмгек акыга төлөмдөр**
**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 90, 99, 341 беренелерин бузуу менен медициналык кызматкерлер айкалышытырып иштөө, жумуш убактысын ченемдүү узактыгынын чегинен тышкары иштөө (1,5 ставкалык жүктөмдөн ашык), түнкү жүктөмдөрдө кошумча жана мезгилдүү жумуштар үчүн (от жагуучу) төлөмдөр;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 182 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” Жобонун 7, 30, 32-пункттарын бузуу менен медицина кызматкерлеринин категория мөөнөттөрү бүткөн, окладдарды туура эмес жана ченемдик актылар менен белгиленген нормадан ашыкча иш жүктөмдөрү, уюмдун кесиптик бирлик комитети менен макулдашуусуз сый акы, эмгек келишимдеринин негизинде (штаттык бирдик боюнча каралган кызматкерлерден сырткары) ашыкча төлөмдөр;

- эмгек акы фондун жогорулатуу менен бекитүүлөр (бош кызмат орундарына эмгек стажы, бийик тоолуу аймакта иштеген стажы жана категориялар үчүн үстөктөр кошулуп эсептелген) жалпы **37 440,7 миң сомго** аныкталган, төмөндөгү мекемелерде: - Талас райондук ЖДПБ - 391,5 миң сом, Бакай-Ата райондук ЖДПБ -358,5 миң сом, Бишкек ш. №2 көп тармактуу клиникалык ооруканасы – 48,1 миң сом, Ак-Талаа райондук ЖДПБ - 631,3 миң сом, Бишкек ш. №4 ҮБМБ -107,6 миң сом, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору - 35,7 миң сом, Улуттук госпиталы – 111,9 миң сом, Улуттук онкология жана гематология борбору - 4 768,7 миң сом, Бишкек ш. гинекология ооруканасы – 74,4 миң сом, Жайыл райондук аймактык ооруканасы - 234,4 миң сом, Кемин райондук ЖДПБ -391,6 миң сом, Ысык-Көл райондук ЖДПБ - 803,1 миң сом, Ч.Айтматов райондук ЖДПБ - 3 999,1 миң сом, Аксы райондук ЖДПБ – 299,5 миң сом, Сузак райондук ҮБМБ -40,6 миң сом, Ала-Бука райондор аралык ЖДПБ -593,7 миң сом, Базар-Коргон райондук ЖДПБ -508,1 миң сом, Октябрь айылынын ЖДПБ -56,9 миң сом, Тогуз-Торо ЖДПБ -474,3 миң сом, Майлуу-Суу ш. ЖДПБ -472,6 миң сом, Таш-Көмүр ш. ЖДПБ - 76,7 миң сом, Кулунду айылынын ЖДПБ -310,0 миң сом, Токтогул райондук ЖДПБ -1 120,3 миң сом, Балыкчы ш. ЖДПБ – 55,8 миң сом, Республикалык психиатрия жана наркология борбору – 304,4 миң сом, Жети-Өгүз чоңдор үчүн республикалык дарылоо-реабилитациялык борбору -645,4 миң сом, Кара-Суу райондук ҮБМБ – 94,1 миң сом, Алай райондук ЖДПБ – 1 051,0 миң сом, Мырза-Аке ЖДПБ – 281,0 миң сом, Нариман аймактык ооруканасы – 53,6 миң сом, Ноокат райондук аймактык ооруканасы – 11 409,2 миң сом, Кадамжай райондук ЖДПБ – 2 748,2 мин сом, Ысык-Көл областтык ҮБМБ – 46,0 миң сом, Тоң райондук ЖДПБ – 1 303,0

миң сом, Арашан айлынын ЖДПБ – 1 279,4 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы – 1 748,6 миң сом, Ноокен райондук ЖДПБ – 512,4 миң сом.

Арашан айылынын ЖДПБ, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январдагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 8-главанын 2-параграфын бузуу менен эмгек акыга аванстык төлөмдөр 25,0 миң сом кармалган эмес.

**Сунуштама**

Саламаттыкты сактоо уюмдарында эмгек акы жана кошумча төлөмдөрдү төлөөдө Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 182 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" Жобонун талаптарына ылайык келтирилсин, төмөндөгү мекемелерде: - Талас райондук ЖДПБ, Бакай-Ата райондук ЖДПБ, Бишкек ш. №2 көп тармактуу клиникалык ооруканасы, Ак-Талаа райондук ЖДПБ. Бишкек ш. №4 ҮБМБ, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору, Улуттук госпиталы, Улуттук онкология жана гематология борбору, Бишкек ш. гинекология ооруканасы, Жайыл райондук аймактык ооруканасы, Кемин райондук ЖДПБ, Ысык-Көл райондук ЖДПБ, Ч.Айтматов райондук ЖДПБ, Аксы райондук ЖДПБ, Сузак райондук ҮБМБ, Ала-Бука райондор аралык ЖДПБ, Базар-Коргон райондук ЖДПБ, Октябрь айылынын ЖДПБ, Тогуз-Торо ЖДПБ, Майлуу-Суу ш. ЖДПБ, Таш-Көмүр ш. ЖДПБ, Кулунду айылынын ЖДПБ, Токтогул райондук ЖДПБ, Балыкчы ш. ЖДПБ, Республикалык психиатрия жана наркология борбору, Жети-Өгүз чоңдор үчүн Республикалык дарылоо-реабилитациялык борбору, Кара-Суу райондук ҮБМБ, Алай райондук ЖДПБ, Мырза-Аке ЖДПБ, Нариман аймактык ооруканасы, Ноокат райондук аймактык ооруканасы, Ысык-Көл областтык ҮБМБ, Тоң райондук ЖДПБ, Арашан айылынын ЖДПБ, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы, Ноокен райондук ЖДПБ.

Коштоп иштеген кызматкерлердин жүктөмдөрүн белгилөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 57-беренеси менен белгиленген талаптар жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" Жобонун" 30-пунктунда белгиленген чектердин сакталышына жооптуу кызматкерлерге карата тиешелүү жазалары белгиленсин, төмөндөгү мекемелерде: - Талас райондук ЖДПБ, Бакай-Ата райондук ЖДПБ, Бишкек ш. №2 көп тармактуу клиникалык ооруканасы, Ак-Талаа райондук ЖДПБ, Бишкек ш. №4 ҮБМБ, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору, Улуттук госпиталы, Бишкек ш. гинекология ооруканасы, Жайыл райондук аймактык ооруканасы, Кемин райондук ЖДПБ, Ысык-Көл райондук ЖДПБ, Ч.Айтматов райондук ЖДПБ, Аксы райондук ЖДПБ, Сузак райондук ҮБМБ, Ала-Бука

райондор аралык ЖДПБ, Базар-Коргон райондук ЖДПБ, Октябрь айылынын ЖДПБ, Тогуз-Торо ЖДПБ, Майлуу-Суу ш. ЖДПБ, Таш-Көмүр ш. ЖДПБ, Кулунду айылынын ЖДПБ, Токтогул райондук ЖДПБ, Балыкчы ш. ЖДПБ, Республикалык психиатрия жана наркология борбору, Жети-Өгүз чоңдор үчүн Республикалык дарылоо-реабилитациялык борбору, Кара-Суу райондук ҮБМБ, Алай райондук ЖДПБ, Мырза-Аке ЖДПБ, Нариман аймактык ооруканасы, Ноокат райондук аймактык ооруканасы, Кадамжай райондук ЖДПБ, Тоң райондук ЖДПБ, Арашан айылындагы ЖДПБ.

Арашан айылынын ЖДПБ эмгек акыга аванстык төлөмдөр 25,0 миң сом ордуна коюлсун. Аванстык төлөмдөрдү өз убагында кармалбагандыгы үчүн тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Жети-Өгүз райондук ЖДПБ "Барскоон" ҮДТнүн үй бүлөлүк дарыгери 18.12.2023-жыл №25501 эмгекке жарамсыздык баракчасынын негизинде 18.12.2023-жылдан 18.01.2024-жыла чейин, 19.01.2024-жыл №38813 эмгекке жарамсыздык баракчасынын негизинде 19.01.2024-жылдан 31.01.2024-жыла чейин эмгекке жарамсыздык баракчасында жүргөндүгүнө, Жети-Өгүз районунун Жалпы дарыгердик практика борборунун директорунун 22.01.2024-жыл №10 параграф №1 буйругунун негизинде эмгек өргүүдө болгондугуна, Жети-Өгүз районунун Жалпы дарыгердик практика борборунун директорунун 24.02.2024-жыл №22 параграф №5 буйругунун негизинде үй-бүлөлүк шартына байланыштуу 01.03.2024-жыл күнүнөн 31.03.2024-жыл күнүнө чейин акысыз эмгек өргүү берилгенине карабастан атайын каражат эсебинен 2024-жылдын январь, февраль, март айларына табель толтурулуп, айына 23,0 миң сомдон эмгек акы эсептелип, негизсиз жалпы суммасы 80,9 миң сом эмгек акы, анын ичинен 11,9 миң сом 17,25 % Соцфондго төлөмдөр чегерилген.

**Сунуштама**

Жети-Өгүз райондук ЖДПБ, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январдагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 3-главанын 7-параграфынын 38-пунктунун дарыгер жумуш убактысында жок болгон учурда табель толтурулуп негизсиз эсептелген эмгек акы 69,0 миң сом тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлүп бюджетке которулсун жана негизсиз эмгек акылардын төлөнүшүнө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2021-жылдын 3-сентябрындагы № 1217 "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын административдик башкаруучу жана тейлөөчү кызматкерлеринин сунушталган типтүү штатын бекитүү" жөнүндөгү жана 2017-жылдын 17-июлундагы № 631 Стоматологиялык кызматтын иши жана "Кыргыз Республикасында 2017-2022-жылдарга

стоматологиялык кызматты өнүктүрүү концепциясын” бекитүү жөнүндө” (4-тиркеме) буйруктарын бузуу менен ашыкча штаттык бирдиктерди күтүүгө 2 629,8 миң сом чыгымдалган, төмөндөгү мекемелерде: - Сүлүктү ш. ЖДПБ - 147,4 миң сом, Р.Т. Бауэр атындагы Жалал-Абад областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору – 390,4 миң сом, Жүрөк хирургиясы жана органдар алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институту -376,4 миң сом, Республикалык жугуштуу оорулар клиникалык ооруканасы -488,6 миң сом, Ош ш. клиникалык ооруканасы – 503,8 миң сом, Кара-Кулжа районунун М. Жунусов атындагы ЖДПБ – 69,3 миң сом, Ош ш. №2 тиш дарылоо бейтапканасы – 227,7 миң сом, Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасы – 37,0 миң сом, Оштогу областтар аралык балдардын клиникалык ооруканасы – 339,7 мин сом, Бишкек ш. перинаталдык борбору – 49,5 миң сом.

**Сунуштама**

Штаттык бирдиктерди аныктоодо 2024-жылдын 30-декабрындагы №1361 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын административдик башкаруучу жана медициналык кызматкерлеринин сунушталган типтүү штатын бекитүү” жөнүндөгү жана 2017-жылдын 17-июлундагы № 631 Стоматологиялык кызматтын иши жана “Кыргыз Республикасында 2017-2022-жылдарга стоматологиялык кызматты өнүктүрүү концепциясын” бекитүү жөнүндө” (4-тиркеме) буйруктарында белгиленген бирдиктерге ылайык келтирилсин, төмөндөгү мекемелерде: - Сүлүктү ш. ЖДПБ, Р.Т. Бауэр атындагы Жалал-Абад областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору, Жүрөк хирургиясы жана органдар алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институту, Республикалык жугуштуу оорулар клиникалык ооруканасы, Ош ш. клиникалык ооруканасы, Кара-Кулжа районунун М. Жунусов атындагы ЖДПБ, Ош ш. №2 тиш дарылоо бейтапканасы, Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасы, Оштогу областтар аралык балдардын клиникалык ооруканасы, Бишкек перинаталдык борбору.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 “Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы зоналарында жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө” токтомунун (2-тиркеме) талаптары сакталбастан, Самаркандек ЖДПБда 9 кызматкердин кызматтык маяналарына бийик тоолуу жана алыскы зоналарында жашаган жана иштеген жылдары үчүн 104,0 миң сом пайыздык үстөктөрдү ашыкча төлөөлөргө жол берилген, анын ичинде: эсептелген эмгек акыга 88,7 миң сом, социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүнө (17,25%) 15,3 миң сом чегерилген жана төлөнүп берилген каражат 75,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Самаркандек ЖДПБда кызматтык маяналарга бийик тоолуу жана алыскы зоналарда жашаган жана иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөктөрдү төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы № 377 “Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы

зоналарында жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө” токтомунун 2-тиркемесине ылайык келтирилсин.

Кызматтык маянага ашыкча төлөнүп берилген 75,8 миң сом күнөөлүү кызматкерлердин эсебинен ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 11-майындагы № 343 токтому менен бекитилген “Ишинин өзгөчөлүгү үчүн ар жылдык кошумча акы төлөнүүчү өргүү алууга укугу бар кызматкерлердин категорияларынын тизмесин, ар жылдык кошумча өргүүлөрдү берүүнүн тартибин жана шарттарын жана анын минималдуу узактыгын бекитүү тууралуу” токтомунда аныкталган тизмени бузуу менен Улуттук госпиталында тизмеге кирбеген кызматкерлерге (неврология, нейрохирургия бөлүмдөрүндө) ишинин өзгөчө мүнөзү үчүн ар жылдык кошумча акы төлөнүүчү өргүү жана 2,4,6-күндөн ишинин жылдары үчүн ар жылдык кошумча акы төлөнүүчү өргүү берүүгө кошумча 4 002,7 миң сом чыгымдалган. Белгилей кетчү жагдай, Улуттук госпиталдын жамааттык келишиминин 4.16-пунктунда кызматкерлерине өзгөчө мүнөзү үчүн акы төлөнүүчү ар жылдык кошумча эмгек өргүү жана 13-пунктунда кызматкерлердин иштеген жылдары үчүн акы төлөнүүчү ар жылдык кошумча эмгек өргүү 5,10 жана 15-жыл үчүн 2,4 жана 6-күн кошумча берилет-деп белгиленген.

**Сунуштама**

Улуттук госпиталында, кошумча өргүү берүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 11-майындагы №343 “Ишинин өзгөчөлүгү үчүн ар жылдык кошумча акы төлөнүүчү өргүү алууга укугу бар кызматкерлердин категорияларынын тизмесин, ар жылдык кошумча өргүүлөрдү берүүнүн тартибин жана шарттарын жана анын минималдуу узактыгын бекитүү тууралуу” токтомунун талаптарына ылайык келтирилсин.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө Жобону жана “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) типтүү тизмегинин талаптары сакталбастан: жумуш ордуна аттестациялоо жүргүзүлбөстөн, жумуш ордун аттестациялоонун натыйжалары жетекчилик тарабынан каралбастан, эмгек шарттарын жана коопсуздукту жакшыртуу боюнча эч кандай чаралар көрүлбөстөн, өзгөчө иштердин эмгек шарттары, оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жумуштардын жылдык Тизмеги жок, иш орундарын аттестациялоодон өткөндөн кийин жетекчиликтин буйругусуз жана оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча **33 256,5 миң сом** төлөмдөр чыгымдалган, анын ичинде: Бишкек ш. №3 ҮБМБ – 479,5 миң сом, Улуттук госпиталы - 14 758,4 миң сом,

Республикалык дерматовенерология борбору - 621,5 миң сом, Улуттук фтизиатрия борбору – 9 184,4 миң сом, Чүй-Бишкек кургак учукка каршы күрөшүү борбору - 1 991,2 миң сом, Жайыл райондук аймактык ооруканасы - 199,3 миң сом, Жети-Өгүз чоңдор үчүн Республикалык дарылоо-реабилитациялык борбору -1 259,5 миң сом, Аксы райондук ЖДПБ – 439,8 миң сом, Кызыл-Өзгөрүш айылынын К. Малабашев атындагы ЖДПБ- 220,2 миң сом, Үч-Терек айылындагы Ч. Орозов атындагы ЖДПБ -382,7 миң сом, Кара-Көл ш. Б. Рысбеков атындагы ЖДПБ -1 959,3 миң сом, Шамалды-Сай шаарчасынын ЖДПБ -334,2 миң сом, Жети-Өгүз райондук ЖДПБ – 28,7 миң сом, Ноокен районунун Кочкор-Ата ш. ЖДПБ – 36,1 миң сом, Папан ЖДПБ – 54,5 миң сом, Кадамжай районунун Уч-Коргон айылындагы ЖДПБ – 26,7 миң сом, Арашан айылындагы ЖДПБ – 115,6 мин сом, Ноокен райондук ЖДПБ – 117,6 миң сом, Көк-Жаңгак ш. ЖДПБ – 1 047,3 мин сом.

**Сунуштама**

Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү белгилөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө Жобону жана “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) типтүү тизмегине ылайык келтирилсин, төмөндөгү мекемелерде: - Бишкек ш. №3 ҮБМБ, Улуттук госпиталы, Республикалык дерматовенерология борбору, Улуттук фтизиатрия борбору, Чүй-Бишкек кургак учукка каршы күрөшүү борбору, Жайыл райондук аймактык ооруканасы, Жети-Өгүз чоңдор үчүн Республикалык дарылоо-реабилитациялык борбору, Аксы райондук ЖДПБ, Кызыл-Өзгөрүш айылынын К. Малабашев атындагы ЖДПБ, Үч-Терек айылындагы Ч. Орозов атындагы ЖДПБ, Кара-Көл ш. Б. Рысбеков атындагы ЖДПБ, Шамалды-Сай ш.ЖДПБ, Жети-Өгүз райондук ЖДПБ – 28,7 миң сом, Ноокен районунун Кочкор-Ата ш. ЖДПБ, Папан ЖДПБ, Арашан айылындагы ЖДПБ, Ноокен райондук ЖДПБ, Көк-Жаңгак ш. ЖДПБ.

**Аныкталды жана Корутунду**

Улуттук фтизиатрия борборунда 2024-жылдын 11-мартындагы “Кургак учуктун туруктуу формалары менен ооруган, амбулатордук дарылануууда жүргөн бейтаптарды дарылоону жана текшерүүнү карманууну колдоонун мотивациялык стратегиясында каралган тастыктоочу документтерисиз жол-жоболорусуз координаторлорго 101,5 мин сом төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

Улуттук фтизиатрия борборунда 2024-жылдын 11-мартындагы “Кургак учуктун туруктуу формалары менен ооруган, амбулатордук дарылануууда жүргөн бейтаптарды дарылоону жана текшерүүнү карманууну колдоонун мотивациялык стратегиясында” белгиленген нормаларга ылайык төлөмдөр жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду**

Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо мекемелери "Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде, каржылоонун ченемдерине ылайык, дарыланып чыккандардын саны жана катталган калктын санына жараша каржыланат.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 7-пунктунун жана "Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө" талаптарын бузуу менен, МКК фондунун Бишкек аймактык башкармалыгы тарабынан стационардык жардамды көрсөтүүгө түзүлгөн келишимдерде каралган каржылоодон сырткары кошумча каржылоонун жыйынтыгында 49 689,2 миң сом чыгымдалган, алар төмөндөгү мекемелерде: Улуттук госпиталында – 48 625,8 миң сом, Академик М. Миррахимов атындагы кардиология жана терапия Улуттук борборунда – 1 063,4 миң сом.

Республикалык психиатрия жана наркология борбору тарабынан дарыланып чыккандардын саны план боюнча - 8115, иш жүзүндө дарыланып чыккандардын саны - 8758, каржыланган клиникалык-диагностикалык бөлүмүн кошкондо - 240 076,3 миң сомго, дарыланып чыккандардын санына жараша 274 375,8 миң сомго каржылоо тийиш эле. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 7-пунктунун жана "Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен МКК фондунун Бишкек аймактык башкармалыгы тарабынан дарыланып чыккандардын санынан 34 299,5 миң сом жетишсиз каржыланган.

**Сунуштама**

МКК фондунун Бишкек аймактык башкармалыгы Улуттук госпиталдын жана Республикалык психиатрия жана наркология борборунун стационардык жардамды көрсөтүүгө түзүлгөн келишимдердин талаптары аткарылсын.

**Каражаттарды чыгымдоолор (казыналык эсептен четтөө)**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Аксы райондук ЖДПБ Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 104-беренесинин 3-пунктунун 2-пунктчасын бузуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн түшкөн – 7,4 миң сом казыналык эсепти кыйгап өтүү менен касса аркылуу чыгымдалган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-беренесине ылайык Аксы райондук ЖДПБ 7,4 миң сом тиешелүү бюджетке өндүрүлсүн.

**Бюджеттик төлөмдөр, туумдар жана айыптар**

**Аныкталды жана Корутунду**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларга түзүлгөн Келишимдерде каралган милдеттенмелери мөөнөтүндө

аткарылбагандыгы үчүн айыптык төлөмдөр **9 267,5** миң сомго эсептелинген (аудит учурунда 537,5 миң сом тиешелүү бюджетке өндүрүлгөн), анын ичинде: Панфилов райондук ЖДПБ – 43,8 миң сом (өндүрүлгөн), Ысык-Көл райондук ЖДПБ – 516,4 миң сом (447,4 миң сом тиешелүү бюджетке өндүрүлгөн), Жети-Өгүз чоңдор үчүн Республикалык дарылоо-реабилитациялык борбору – 3,2 миң сом (өндүрүлгөн) Улуттук госпиталда– 320,0 миң сом, Бишкек ш. клиникалык медициналык тез жардам берүү ооруканасында - 202,3 миң сом, Сокулук райондук ЖДПБ – 2,2 миң сом, Сумсар шаарчасынын ЖДПБ – 11,9 миң сом, Кызыл-Жар айылындагы республикалык психиатриялык ооруканасында – 43,1 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасында – 8 124,6 миң сом.

**Сунуштама**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларга түзүлгөн Келишимдердеги каралган милдеттенмелерин мөөнөтүндө аткарылбагандыгы үчүн айыптык төлөмдөрдү талап кылуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн (орто эсеп менен эсептелген), төмөндөгү мекемелерде: - Ысык-Көл райондук ЖДПБ – 69,0 миң сом, Улуттук госпиталында – 320,0 миң сом, Бишкек ш. клиникалык медициналык тез жардам берүү ооруканасында - 202,3 миң сом, Сокулук райондук ЖДПБ – 2,2 миң сом, Сумсар шаарчасынын ЖДПБ – 11,9 миң сом, Кызыл-Жар айылындагы республикалык психиатриялык ооруканасында – 43,1 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасында– 8 124,6 миң сом.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 202-беренесине жана “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 24-беренесин бузуу менен Ысык-Көл райондук ЖДПБ киреше салыгы 43,6 миң сом жана камсыздандыруу салымдары 132,1 миң сом бюджетке которулган эмес (аудит учурунда 175,7 миң сом которулган).

Ош ш. клиникалык ооруканасында - социалдык төлөмдөр боюнча тапшырылган отчетунда анык чегерилген сумма менен тапшырылган отчет ортосунда 4,0 миң сомго иш жүзүндөгү чыгымды азайтылып көрсөтүлгөн, (аудит учурунда 4,0 миң сом которулган).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө” мыйзамынын талаптарына ылайык милдеттүү бюджеттик төлөмдөрдү өз убагында которуу камсыздалсын, төмөндөгү мекемелерде: Ысык-Көл райондук ЖДПБ, Ош ш. клиникалык ооруканасы.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” Жобонун 3-пунктун бузуу менен, депозиттик эсепте үч

жылдан ашык талап кылынбаган 196,4 миң сом суммасында каражаттар бюджеттин кирешесине которулган эмес, анын ичинде: - Ысык-Көл райондук ЖДПБ – 3,9 мин сом (аудит учурунда которулган), Улуттук хирургия борборунда – 118,4 миң сом (аудит учурунда которулган), Бишкек ш. перинаталдык борборунда- 74,1 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы №302 токтому менен бекитилген "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобого ылайык Бишкек ш. перинаталдык борборунда депозиттик эсепте үч жылдан ашык талап кылынбаган 74,1 мин сом тиешелүү бюджетке которулсун.

**Курулуш-куроо, монтаждоо иштери**

**Аныкталды жана Корутунду**

Саламаттык сактоо мекемелеринде курулуш-куроо жана оңдоо иштерине аудит жүргүзүүдө аткарылган иштердин көлөмү **28 348,3** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган, анын ичинен аудит учурунда **7780,3** миң сом ордуна коюлган.

Курулуш-куроо иштеринин көлөмүн жогорулатуу: - Кара-Суу райондук ҮБМБ – 2 007,9 миң сом (негизсиз кабыл алынган 2007,9 миң сом, буйрутмачы жана подрядчынын ортосунда өз-ара эсептешүү жүргүзүү аркылуу, подрядчынын аткарылган иштеринен кыскартып калуу менен мекемеге калыбына келтирилди), Ноокат райондук ҮБМБ – 150,0 миң сом, Алай райондук ЖДПБ – 196,2 миң сом, Араван райондук ЖДПБ – 20,4 миң сом, Кара-Кулжа райондук М. Жунусов атындагы ЖДПБ – 38,6 миң сом, Ж. Токторбаев атындагы Куршаб ЖДПБ – 125,5 миң сом, Ош шаарындагы областтар аралык балдардын клиникалык ооруканасы – 79,5 миң сом, Кадамжай районунун Үч-Коргон айылындагы ЖДПБ – 374,0 миң сом, Лейлек райондук ЖДПБ – 1 386,0 миң сом, Кызыл-Кыя ш. ЖДПБ – 644,2 миң сом (аудит учурунда 95,6 миң сом бюджетке, 548,6 миң сом мекемеге калыбына келтирилди), Бишкек ш. №2 ҮБМБ – 251,6 миң сом, Бишкек ш. №2 клиникалык төрөт үйү – 917,8 миң сом (858,5 миң сом мекемеге калыбына келтирилди), Сокулук райондук ЖДПБ – 740,9 миң сом (аудит учурунда 292,1 миң сом бюджетке калыбына келтирилди), Сузак райондук ҮБМБ – 237,9 миң сом (аудит учурунда 113,3 миң сом бюджетке, 72,9 миң сом мекемеге калыбына келтирилди), Жалал-Абад областтык "Балдар клиникалык ооруканасы" – 957,3 миң сом (582,6 миң сом мекемеге калыбына келтирилди), Сузак районунун аймактык ооруканасы – 1822,9 миң сом (аудит учурунда 1403,7 миң сом бюджетке, 422,6 миң сом мекемеге калыбына келтирилди), Ноокен райондук ЖДПБ – 626,9 миң сом (626,9 миң сом мекемеге калыбына келтирилди), Республикалык психиатрия жана наркология борбору – 348,2 миң сом (аудит учурунда 348,2 миң сом бюджетке калыбына келтирилди), Бишкек ш. перинаталдык борбору – 748,1 миң сом (аудит учурунда 249,4 миң

сом бюджетке калыбына келтирилди), Улуттук фтизиатрия борбору– 414,3 миң сом, Бишкек ш. №1 клиникалык төрөт үйү – 47,9 миң сом, Бишкек ш. №8 ҮБМБ – 22,1 миң сом, Бишкек ш. №9 ҮБМБ – 62,9 миң сом, Бишкек ш. №10 ҮБМБ – 559,2 миң сом, Академик М. Миррахимов атындагы Улуттук кардиология терапия борбору – 713,3 миң сом, М. Мамакеев атындагы Улуттук хирургия борбору – 415,2 миң сом, Бишкек ш. тез жардам балдар клиникалык ооруканасы – 7350,2 миң сом, “Бишкек ш. №3 ҮБМБ – 73,3 миң сом, “Бишкек ш. №4 ҮБМБ – 52,8 миң сом, Бишкек ш. тез медицина борбору – 26,5 миң сом, Кызыл-Жар ш. Республикалык психиатриялык ооруканасы – 35,5 миң сом, Таш-Көмүр ш. ЖДПБ – 1584,1 миң сом, Базар-Коргон райондук ЖДПБ – 595,9 миң сом, Сузак райондук Октябрь ай. ЖДПБ – 161,4 миң сом (аудит учурунда 161,4 миң сом бюджетке калыбына келтирилди), Жүрөк хирургиясы жана органдар алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институту” – 107,9 миң сом, Ысык-Ата райондук ЖДПБ – 26,3 миң сом, Эне жана баланы коргоо Улуттук борборунда 4425,6 миң сом.

**Сунуштама**

Бүткөн курулуш, курулуш-оңдоо иштери, Кыргыз Республикасынын “Шаар куруу жана архитектура жөнүндө” Мыйзамынын 40, 45- беренелерине ылайык, техникалык жана автордук көзөмөлдүн тыянагынын негизинде, кабыл алынсын.

Саламаттык сактоо уюмдарындагы курулуш объекттери боюнча аныкталган 20 568,0 миң сом курулуш иштеринин көлөмүн негизсиз жогорулатуулар жеткирүүчүлөр (подрядчылар) тарабынан калыбына келтирилсин: - Ноокат райондук ҮБМБ – 150,0 миң сом, Алай райондук ЖДПБ – 196,2 миң сом, Араван райондук ЖДПБ – 20,4 миң сом, Кара-Кулжа райондук М. Жунусов атындагы ЖДПБ – 38,6 миң сом, Ж.Токторбаев атындагы Куршаб ЖДПБ – 125,5 миң сом, Ош шаарындагы областтар аралык балдардын клиникалык ооруканасы – 79,5 миң сом, Кадамжай районунун Үч-Коргон айылындагы ЖДПБ – 374,0 миң сом, Лейлек райондук ЖДПБ – 1 386,0 миң сом, Бишкек ш. №2 ҮБМБ – 251,6 миң сом, Бишкек ш. №2 клиникалык төрөт үйү – 59,3 миң сом, Сокулук райондук ЖДПБ – 448,8 миң сом, Сузак райондук ҮБМБ – 51,7 миң сом, Жалал-Абад областтык "Балдар клиникалык ооруканасы" – 374,6 миң сом, Бишкек ш. перинаталдык борбору – 498,7 миң сом, Улуттук фтизиатрия борбору– 414,3 миң сом, Бишкек ш. №1 клиникалык төрөт үйү – 47,9 миң сом, Бишкек ш. №8 ҮБМБ – 22,1 миң сом, Бишкек ш. №9 ҮБМБ – 62,9 миң сом, Бишкек ш. №10 ҮБМБ – 559,2 миң сом, М. Миррахимов ат. Улуттук кардиология терапия борбору – 713,3 миң сом, М. Мамакеев атындагы Улуттук хирургия борбору – 415,2 миң сом, Бишкек ш. тез жардам балдар клиникалык ооруканасы – 7350,2 миң сом, Бишкек ш. №3 ҮБМБ – 73,3 миң сом, Бишкек ш. №4 ҮБМБ – 52,8 миң сом, Бишкек ш. тез медицина борбору – 26,5 миң сом, Кызыл-Жар ш. Республикалык психиатриялык ооруканасы,. – 35,5 миң сом, Таш-Көмүр ш. ЖДПБ – 1584,1 миң сом, Базар-Коргон райондук ЖДПБ – 595,9 миң сом, Жүрөк хирургиясы жана органдар алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институту – 107,9 миң сом,

Ысык-Ата райондук ЖДПБ – 26,3 миң сом, Эне жана баланы коргоо Улуттук борборунда- 4425,6 миң сом.

Аткарылган курулуш иштерин негизсиз төлөмгө жана кабыл алууга жол берген техникалык көзөмөл кызматкердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Улуттук кардиология жана терапия борбору менен “Скай Индастриал Групп” ЖЧКсы 2023-жылдын 14-сентябрында 15 300,0 миң сомго түзүлгөн келишимдин негизинде Бишкек ш. Тоголок-Молдо көч. 3 дарегинде жайгашкан Улуттук кардиология жана терапия борборунда 4 лифт жабдууларын орнотуу иштери аткарылган. Аудит учурунда тиешелүү аткарылган иштер актылары заказчы тараптан көрсөтүлдү. Техникалык көзөмөл Пак С.В., подряддык уюмдун өкүлү жана буйрутмачынын энергетика боюнча адисинин катышуусунда тандалма өлчөмдөр алынып, 4 лифт жабдуулары орнотулгандыгы аныкталды. Аудит учурунда, имараттардын ички капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу, Блок Б-1, Терапия жана Поликлиникага орнотулган 3 лифтти иштетип бере алышкан жок, ошондуктан текшерүүгө мүмкүнчүлүк болгон жок. Белгиленген капиталдык оңдоо иштери бүтөөрү менен, подрядчы тараптан кайрадан лифттерди иштетип берүүгө кепилдик кат алынды.

**Сунуштама**

Улуттук кардиология жана терапия борборунун ички капиталдык оңдоо иштери бүтөөрү менен, келишимдеги кепилдик мөөнөтүнө ылайык, лифттерди кайрадан ишке киргизүү боюнча подрядчыга кайрылып, кайрадан профилактикалык чараларды көрүү жолу менен пайдаланууга тапшырылсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Бишкек шаардык медициналык тез жардам балдар клиникалык ооруканасы менен “АрмСтрой Групп” ЖЧКсы 2024-жылдын 5-декабрында №243 жана 2024-жылдын 9-октябрында №195 түзүлгөн келишимдердин негизинде “Имараттарга кирүү тобун кошуу курулуш иштери” жалпысынан 32 623,05 миң сомго келишим түзүлүп, 32 623,05 миң сомго аткарылган иштер актылары тапшырылган. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы № 240 Токтому менен Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүү жана эксплуатацияга киргизилүүчү курулушу аяктаган объекттердин шайкештигин баалоо тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу 6-бөлүмүнүн негизинде, Долбоордук документтерди экспертизалоодон өз убагында өткөрүлбөстөн, курулуш объектилеринин курулушунда жана аткарылган иштер актылары түзүлүп жаткан учурда, тийиштүү бекитилген сметасы жоктугуна байланыштуу 28 055,8 миң сомго аткарылган иштер актылары туура эмес түзүлгөндүгү аныкталды.

Аудит учурунда аткарылган иштер актылары техникалык көзөмөл Пак С.В., подряддык уюмдун өкүлү жана административдик чарба иштеринин жетекчисинин катышуусунда тандалма өлчөмдөр алынып, аткарылган иштер

актысында көптөгөн каталар жана “прайс лист” менен коюлган курулуш материалдардын баалары эсеп-фактурасы менен далилденбегендиги аныкталды. Себеби долбоордун тийиштүү эксперттик корутундусу жок курулуш жүргүзүлгөн. Ошол себептен, аткарылган иштер актыларында көлөмдөр жана жумуштар келишпегендиктен, тууралап оңдоп чыгуусу зарыл. Аудит учурунда курулуш объектисинин тийиштүү курулушу бүткөн эксплуатацияга берилүүчү объекттин шайкештигин баалоо актысы жок, толук кандуу иштеп жаткандыгы далилденди.

**Сунуштама:**

Бишкек шаардык медициналык тез жардам балдар клиникалык ооруканасы, Тез жардам (травмпункт) корпусунун жана соматикалык корпусунун имараттарга кирүү тобун кошуу курулуш иштери” боюнча документтери талаптарга ылайык келтирилсин жана тийиштүү бекитилген смета боюнча, чыныгы көлөмдөргө жана курулуш материалдардын бааларын далилдөөчү иш кагаздарга таянуу жолу менен аткарылган иштер актылары түзүлсүн. Бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Коммуналдык кызматтарды жана ТМБ чыгымдоолордо белгиленген ченемдердин сакталышы**

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 27-январындагы №82 “2023-2024-жылдарга карата саламаттык сактоо уюмдары үчүн электр, жылуулук жана жаратылыш газын керектөөнүн жылдык лимиттерин бекитүү жөнүндө” буйругунун негизинде бекитилген коммуналдык кызматтарды керектөөнүн лимиттери жаңы ишке киргизилген жабдуулардын, жүгүртүүдөн тышкаркы активдердин (имарат) көбөйүшүнө байланыштуу сакталган эмес, натыйжада жалпы **52 080,9 миң сомго** ашыкча чыгымдалган, анын ичинен:

1. *Электр энергиясы боюнча –43 658,1 миң сом, төмөндөгү мекемелерде:*

- ММК фондунун Жалал-Абад аймактык башкармалыгы – 29,9 мин сом, Бишкек ш. №1 ҮБМБ - 397,2 миң сом, №2 ҮБМБ – 643,5 миң сом, №6 ҮБМБ – 311,5 миң сом, №7 ҮБМБ – 146,3 миң сом, №10 ҮБМБ – 108,5 миң сом, Бишкек ш. №2 көп тармактуу клиникалык ооруканасы – 666,2 миң сом, Республикалык жугуштуу оорулар клиникалык ооруканасы – 213,4 миң сом, Республикалык дерматовенерология борбору – 382,1 миң сом, Улуттук фтизиатрия борбору - 718,5 миң сом, Жүрөк хирургиясы жана органдар алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институту – 204,2 миң сом, Улуттук онкология жана гематология борбору – 1 329,6 миң сом, Бишкек ш. №2 клиникалык төрөт үйү – 181,7 мин сом, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору – 2 837,7 миң сом, Бишкек ш. медициналык тез жардам балдар клиникалык ооруканасы – 1 145,8 миң сом, Бишкек ш. клиникалык медициналык тез жардам берүү ооруканасы – 1 292,8 миң сом, Чүй областтык ҮБМБ – 51,1 миң сом, Кемин райондук ЖДПБ – 2 308,6 миң сом, Кызыл-Кыя ш. ЖДПБ – 2 033,3 миң сом, Аксы райондук ЖДПБ – 322,8 миң сом, Базар-Коргон райондук ЖДПБ – 932,6 миң сом, Токтогул райондук ЖДПБ –

222,5 миң сом, Таш-Көмүр ш. ЖДПБ – 131,1 миң сом, А.Жакишев атындагы Тогуз-Торо ЖДПБ – 204,4 миң сом, Чаткал райондук ЖДПБ – 1 278,0 миң сом, Майлуу-Суу ЖДПБ – 92,6 миң сом, Ч.Мамбетов атындагы Талас областтык биргелешкен ооруканасы – 5 002,5 миң сом, Жумгал райондук ЖДПБ – 194,6 миң сом, Кочкор райондук ЖДПБ – 1 892,7 миң сом, Бишкек ш. гинекология ооруканасы – 31,2 миң сом, Талас областтык ҮБМБ – 356,3 миң сом, Бишкек перинаталдык борбору – 383,2 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы – 66,0 мин сом, Жалал-Абад областтык психикалык саламаттык сактоо борбору – 75,1 миң сом, Ош ш. клиникалык ооруканасы – 4 548,5 миң сом, Кара-Кулжа районунун М.Жунусов атындагы ЖДПБ – 2 879,1 миң сом, Ош ш. №1 тиш дарылоо бейтапканасы – 21,5 миң сом, Ош ш. №2 тиш дарылоо бейтапканасы – 35,7 миң сом, Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасы – 7 842,7 мин сом, Кадамжай райондук ЖДПБ – 2 143,0 миң сом.

2. *Жылуулук энергиясы боюнча – 7 963,4 миң сом, төмөндөгү мекемелерде:*

- Бишкек ш. №2 көп тармактуу клиникалык ооруканасы – 347,3 мин сом, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору – 5 789,8 миң сом, Республикалык жугуштуу оорулар клиникалык ооруканасы – 1 664,3 миң сом, Бишкек ш. медициналык тез жардам балдар клиникалык ооруканасы – 141,9 миң сом, Бишкек ш. гинекология ооруканасы – 20,1 миң сом.

3. *Таза суу боюнча – 384,8 миң сом, төмөндөгү мекемелерде:*

Эне жана баланы коргоо улуттук борбору – 384,8 миң сом.

3. *Жаратылыш газы боюнча – 74,6 миң сом, төмөндөгү мекемелерде:*

Бишкек ш. №2 ҮБМБ – 74,6 миң сом.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги**

Коммуналдык кызматтарды керектөөнүн бекитилген лимиттеринин ашыкча чыгымдалышы талданып жана лимиттерди бекитүүдө, жаңы ишке киргизилген жабдуулардын, жүгүртүүдөн тышкаркы активдердин (имарат) көбөйүшүнө байланыштуу электр энергиясынын жана жылуулук энергиясынын лимитин жогорулатуу каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабры №366 “Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелерин бекитүү жана ишке киргизүү жөнүндө” буйругу менен бекитилген Эрежесинин 1.3-пунктун (линиялык ченемдер) бузуу менен Улуттук фтизиатрия борбору КММ 425,9 мин сом чыгымдаган.

**Сунуштама**

Улуттук фтизиатрия борбору, Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабры № 366 “Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын

Эрежелерин бекитүү жана ишке киргизүү жөнүндө” буйругуна ылайык КММ чыгымдоодо белгиленген линиялык ченемдерге ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду**

Баткен областтык ҮБМБ Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 токтому менен бекитилген “Кызматтык жана нөөмөттүк автомашиналардын отунду чыгымдоо лимитин” бузууга жол берилген, анын натыйжасында 230,0 литр көлөмүндөгү күйүүчү-майлоочу май (КММ) 14,7 миң сомго ашыкча сарпталган.

**Сунуштама**

Баткен областтык ҮБМБ тарабынан КММны чыгымдоодо, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 токтому менен бекитилген “Кызматтык жана нөөмөттүк автомашиналардын отунду чыгымдоо лимити” сакталсын, ашыкча чыгымдарга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

“Кыргызфармация” МИ менен дары-дармектерди жеткирүү боюнча түзүлгөн келишимдерге ылайык, дары-дармектерди жана медициналык буюмдарды жеткирүү товар жеткирүүчү тараптын каражаттарынын эсебинен ишке ашырылышы каралган. Бирок, “Кыргызфармация” МИ тарабынан Жалал-Абад шаарындагы кампаларга жеткирүү менен чектелген. Мекеме тарабынан дары-дармектерди жана каражаттарды жеткирүү үчүн кошумча 79,3 миң сом чыгымдалган (күйүүчү-майлоочу майлар 70,5 миң сом жана кызматкерлердин иш сапар чыгымдарына 8,8 миң сом), анын ичинде: - Токтогул районунун ЖДПБ – 43,1 миң сом, Чаткал райондук ЖДПБ – 36,2 миң сом.

**Сунуштама**

“Кыргызфармация” МИ менен түзүлгөн келишимдерге ылайык, дары-дармектерди жана медициналык буюмдарды жеткирүү боюнча келишимдин талаптарынын аткарылышы көзөмөлгө алынсын жана бюджеттик каражаттарды сарамжалсыз пайдаланууга жол берилбесин, төмөндөгү мекемелерде: - Токтогул районунун ЖДПБ, Чаткал райондук ЖДПБ.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы №576 токтому менен бекитилген “Электр энергиясын пайдалануу” эрежесинин 94-берененин 2-пунктуна ылайык, керектелген электр энергиясы үчүн төлөмү өз учурунда төлөнбөгөндүгү үчүн, Кыргыз Республикасынын “Кыргызстан Улуттук электр тармактары” ААКсына 493,2 миң сом туум төлөнүп, ошол эле учурда казыналык эсептерде каражаттар болгондугуна карабастан төмөндөгү мекемелерде: - Чаткал районунун ЖДБ – 49,1 миң сом (01.01.2024-ж. калдыгы 3403,4 миң сом, 31.12.2024-ж. калдыгы 4402,4 миң сом), Кара-Кулжа районунун М. Жунусов атындагы ЖДПБ – 271,1 миң сом (01.01.2024-ж. калдыгы 1385,0 миң сом, 31.12.2024-ж. калдыгы 2608,1 миң сом), Баткен областтык биргелешкен ооруканасы – 169,7 миң сом (01.01.2024-ж. калдыгы 849,3 миң сом, 31.12.2024-ж. калдыгы 6657,0 миң сом), Бишкек ш.

перинаталдык борбору – 3,3 миң сом (01.01.2024-ж. калдыгы 285,6 миң сом, 31.12.2024-ж. калдыгы 15 752,5 миң сом) бюджеттик жоготууларына жол берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 576 токтому менен бекитилген «Электр энергиясын пайдалануу» Эрежелери сакталсын жана казыналык эсептеринде каражаттар болгондугуна карабастан айып пул төлөөнүн негизинде бюджеттик жоготууларга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: - Чаткал районунун ЖДПБ, Кара-Кулжа районунун М.Жунусов атындагы ЖДПБ, Баткен областтык биргелешкен ооруканасы, Бишкек перинаталдык борбору.

**Медициналык жардамдын жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрүнө чыгымдар**

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 7-майындагы № 287 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин “Медициналык жардамдын жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фонду жөнүндө” Жобонун 13, 14, 15-пункттарынын талаптарын бузуу менен жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фонду боюнча Дарылоо-контролдоо комиссиясы жана оорулууну дарылоонун зарылдыгы боюнча Күтүү баракчасы түзүлбөстөн (бул жыл сайын кайталанат) Улуттук онкология жана гематология борбору тарабынан жалпы **176 675,3 миң сомго** жогорку технологиялык (кымбат баалуу) медициналык кызматтар көрсөтүлгөн.

**Сунуштама**

Улуттук онкология жана гематология борбору тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 7-майындагы №287 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Медициналык жардамдын жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фонду жөнүндө” Жобонун талаптары сакталсын жана кайталап бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылы 21-сентябрында №493 токтому менен бекитилген Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасында Кыргыз Республикасынын жарандарына медициналык-санитардык жардам көрсөтүү Тартибинин 14 пунктунда 2-абзацта жолдомо болгон учурда ультра үн изилдөөсү жана рентгенография ушул Тартиптин 17-главасынын 1-3-параграфтарында көрсөтүлгөн адамдарга бекитилген Баалардын прейскуранты боюнча медициналык кызматтын наркынан 50% жеңилдик менен көрсөтүлөт – деп көрсөтүлгөн. Ал эми мурунку Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылы 20-ноябрында №790 токтому менен бекитилген (күчүн жоготкон) Жарандарды медициналык-санитардык жардам

менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасында ушул эле лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр, жолдомосу болгон учурда бул жарандарга бекер көрсөтүлөөрү каралган.

Аталган Программанын 17-главасынын 1-3-параграфтарында көрсөтүлгөн жарандардын категорияларына рентгенографикалык, ультра үн (УЗИ) изилдөөлөр жана Программасынын 12-главасынын 77-пунктуна кирбеген категориядагы жарандарга бекер лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр көрсөтүлүп натыйжада **4 492,6 миң сом** киреше түшкөн эмес, анын ичинде: - Чүй областтык ҮБМБ – 84,8 миң сом, Кемин райондук ЖДПБ – 383,4 миң сом, Москва райондук ЖДПБ – 422,1 миң сом, Сокулук райондук ЖДПБ – 982,8 миң сом, Панфилов райондук ЖДПБ – 224,7 миң сом, Ысык-Көл райондук ЖДПБ – 501,7 миң сом, Талас райондук ЖДПБ – 549,7 миң сом, Бакай-Ата райондук ЖДПБ – 675,2 миң сом, Улуттук онкология жана гематология борбору 386,3 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы – 281,9 мин сом.

Базар-Коргон райондук ЖДПБнын тиш дарылоо бейтапкана бөлүмү бейтаптардан жалпы 271,0 миң сом акча каражаты бекитилген Баалардын прейскуранты боюнча алынбастан, киреше түшпөй калган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы №493 токтому менен бекитилген “Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер” Программасынын талаптары сакталсын, төмөндөгү мекемелерде: Чүй областтык ҮБМБ, Кемин райондук ЖДПБ, Москва райондук ЖДПБ, Сокулук райондук ЖДПБ, Панфилов райондук ЖДПБ, Ысык-Көл райондук ЖДПБ, Талас райондук ЖДПБ, Бакай-Ата райондук ЖДПБ, Улуттук онкология жана гематология борбору, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы.

Базар-Коргон райондук ЖДПБ кызмат көрсөтүүлөр бекитилген Баалардын прейскурантынын негизинде акы алып жүргүзүлсүн, атайын каражаттын кирешесинин жоготууларына жол берилбесин.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине жана ММК фондуна:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы №493 токтому менен бекитилген “Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер” Программасынын жолдомо болгон учурда кошумча лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн шарттарынын аткарылбашынын себептери талдансын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 9-февралындагы № 143 буйругу менен “Чүй областтык кургак учукка каршы күрөшүү борборун” жана “Бишкек ш. кургак учукка каршы күрөшүү ооруканасын” юридикалык өз алдынча мекемелерин кошуу жолу менен “Чүй-Бишкек кургак учукка каршы күрөшүү борбору” мекемеси түзүлгөн. Бул

буйрук менен Бишкек ш. кургак учукка каршы күрөшүү ооруканасы жоюлуп, Чүй-Бишкек кургак учукка каршы күрөшүү борбору мекемеси түзүлгөндүгүнө карабастан, анын казыналык эсебинде 2025-жылдын 1-январына карата 2 161,6 мин сом калдык бар жана бүгүнкү күнгө чейин мекеменин жаңы эсебине которула элек.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду Бишкек ш. кургак учукка каршы күрөшүү ооруканасынын эсебинде 2025-жылдын 1-январына карата калган 2 161,6 мин сом каражатты Чүй-Бишкек кургак учукка каршы күрөшүү борборуна которуу боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды жана Корутунду**

Жети-Өгүз райондук ЖДПБ Баалардын прейскурантында каралбаган кызматтар (утилизация) 100,2 миң сом көрсөтүлгөң (аудит учурунда бюджетке өндүрүлгөн).

**Сунуштама**

Жети-Өгүз райондук ЖДПБ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо” жөнүндөгү токтомуна ылайык Баалардын прейскурантында каралбаган кызматтар көрсөтүлбөсүн.

**Аныкталды жана Корутунду**

Улуттук кардиология жана терапия борбору гипобарикалык барокамераны оңдоо жана калыбына келтирүү максатында гранттык түрдө кайтарымсыз 1557,2 миң сомго жардам алууга “Кумтөр Голд Компани” ЖАК менен 2023-жылдын 27-июлунда №С-9555 Келишим түзүлүп, август айында биринчи транш катары 947,9 миң сом каржыланган, калган 603,3 миң сому келишимдин 2.1.2 пунктуна ылайык биринчи транштын чыгымынын отчётун тапшыргандан кийин каржыланмак.

Бирок Улуттук кардиология жана терапия борбору барокамераны оңдоого жана калыбына келтирүүгө эки жолу сынак жарыялап, катышуучулар болбогондугуна байланыштуу сынак өтпөй калган.

Улуттук кардиология жана терапия борбору 2024-жылдын 31-июлунда 947,9 миң сомду кайтарып берген.

**Сунуштама**

Академик М. Мирахимов атындагы кардиология жана терапия Улуттук борбору “Кумтөр Голд Компани” ЖАК менен түзүлгөн келишимдин талаптарын өз убагында аткарбагандыгы үчүн тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Негизги каражаттарды эсепке алуу**

**Аныкталды жана Корутунду**

ММК фондунун аппаратында Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан

бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын "Негизги каражаттарды таануу" 1-параграфынын 127-пунктун бузуу менен 147,0 миң сомдук 1 даана ЛЕД экраны актив катары эсепке алынган эмес (аудит учурунда эсепке алынган).

**Сунуштама**

ММК фонду Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун "Негизги каражаттарды таануу" бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобонун" 6-главасынын "Негизги каражаттарды таануу" бөлүгүн бузуу менен Кара-Суу райондук аймактык ооруканасында 34 024,9 миң сомго курулган имараты эсепке алынган эмес (аудит учурунда эсепке алынды).

Кара-Суу райондук аймактык ооруканасында 2022-жылдын 14-октябрында түзүлгөн №239 келишимдин негизинде "Эки кабаттуу диагностикалык борборун куруу" долбоорунун алкагында имараттын курулушу башталып, 2023-жылдын 25-декабрында аяктаган. Имараттын курулушун аткаруучу "Север-Юг Строй" ЖЧКсы бүтүргөн. Бирок, 25.12.2023-жылы түзүлгөн кабыл алуу актысынын негизинде 34 024,9 миң сомдук имарат кабыл алынган жана 2024-жылдын 1-кварталынан толук кандуу ишке киргизилген.

**Сунуштама**

Кара-Суу райондук аймактык ооруканасында негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын эсебин алып баруууда, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобонун" 6-главанын "Негизги каражаттарды таануу" 1-параграфынан талаптары сакталсын. Бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө каржы бузууга жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

ММК фонду тарабынан ишке киргизилген имараттардын эсепке алынышына көзөмөл жүргүзүү зарыл.

**Негизги каражаттардын жана ТМБ сакталышы жана пайдаланылышы**

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана

жүргүзүү боюнча Жобонун" "Бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө негизги талаптар" 2-главасынын 1-параграфындагы 5-пункту бузулуп, инвентаризациялоонун жыйынтыгында бухгалтердик эсеп боюнча:

**-акча каражаттарынын жетишпестиги -16,9 миң** сом, аудит учурунда толугу менен ордуна коюлган, анын ичинен: Кара-Көл ш. Б. Рысбеков атындагы ЖДПБ – 16,9 миң сом (аудит учурунда 16,9 миң сом ордуна коюлду).

**- товардык материалдык баалуулуктардын жетишпестиги – 447,7 миң сом,** аудит учурунда 220,9 миң сом ордуна коюлду, калдыгы 226,8 миң сом.

- Жайыл райондук ҮБМБ – 3,9 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 3,9 миң сом), Жайыл райондук АО – 7,0 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 7,0 миң сом), Э.Х.Акрамов атындагы №3 ш. клиникалык оорукана – 6,8 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 6,8 миң сом), Ала-Бука райондор аралык ЖДПБ – 25,5 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 25,5 миң сом), Базар-Коргон райондук ЖДПБ – 22,3 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 22,3 миң сом), Сузак районунун Октябрь айылынын ЖДПБ – 6,4 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 6,4 миң сом), А. Жакишев атындагы Тогуз-Торо ЖДПБ – 5,3 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 5,3 миң сом), Ноокен районунун Кочкор-Ата ш. ЖДПБ – 26,9 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 26,9 миң сом), Майлуу-Суу ЖДПБ – 3,1 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 3,1 миң сом), Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасы – 4,9 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 4,9 миң сом), Улуттук фтизиатрия борбору - 0,5 миң сом, Улуттук онкология жана гематология борбору – 131,3 миң сом, Кызыл-Кыя ш. ЖДПБ - 51,2 миң сом, Сузак районунун аймактык ооруканасы – 7,7 миң сом, Р.Т. Бауэр атындагы Жалал-Абад областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору – 8,2 миң сом, Сумсар шаарчасынын ЖДПБ – 6,5 миң сом, Ноокат райондук ҮБМБ – 9,0 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 9,0 миң сом), Папан ЖДПБ – 13,0 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 13,0 миң сом), Ноокат райондук аймактык ооруканасы – 19,8 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 19,8 миң сом), Кадамжай райондук ЖДПБ – 26,3 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 26,3 миң сом), Баткен областтык биргелешкен ооруканасы – 12,8 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 12,8 миң сом), Самаркандек ЖДПБ – 18,8 миң сом, Тоң райондук ЖДПБ – 3,8 мин сом (аудит учурунда ордуна коюлду 3,8 миң сом), Академик М. Миррахимов атындагы кардиология жана терапия Улуттук борбору – 3,4 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 3,4 миң сом), Ноокен райондук ЖДПБ – 11,9 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду 11,9 миң сом), Чаткал райондук ЖДПБ – 11,4 миң сом.

Мындан сырткары, Жобонун 43-пунктун бузуу менен ТМБнын 81,0 миң сомго ашыкча чыгуусу аныкталган, анын ичинде: -Майлуу-Суу ЖДПБ – 52,9 миң сом, Жайыл райондук аймактык ооруканасы – 0,9 миң сом, Чүй областынын бириккен ооруканасы (Э.Х. Акрамов атындагы №3 ш. клиникалык ооруканасы) – 3,4 миң сом, Жайыл райондук ҮБМБ – 3,1 миң сом,

Баткен областтык ҮБМБ – 8,6 миң сом (мекемелерде аудит учурунда кириштелген) Улуттук онкология жана гематология борбору – 12,1 миң сом,

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 2-главасынын 1-параграфындагы 5-пунктунун талаптарын аткаруу көзөмөлдөнсүн, төмөндөгү мекемелерде (ТМБлардын кем чыгуулары аныкталып, аудит учурунда ордуна коюлган): Кара-Көл ш. Б. Рысбеков атындагы ЖДПБ, Жайыл райондук ҮБМБ, Жайыл райондук аймактык ооруканасы, Э.Х.Акрамов атындагы №3 ш. клиникалык оорукана, Ала-Бука райондор аралык ЖДПБ, Базар-Коргон райондук ЖДПБ, Сузак районунун Октябрь айылынын ЖДПБ, А.Жакишев атындагы Тогуз-Торо ЖДПБ, Ноокен районунун Кочкор-Ата ш. ЖДПБ, Майлуу-Суу ЖДПБ, Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасы, Улуттук фтизиатрия борбору, Улуттук онкология жана гематология борбору, Кызыл-Кыя ш. ЖДПБ, Сузак районунун аймактык ооруканасы, Р.Т. Бауэр атындагы Жалал-Абад областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору, Сумсар шаарчасынын ЖДПБ, Ноокат райондук ҮБМБ, Папан ЖДПБ, Ноокат райондук аймактык ооруканасы, Кадамжай райондук ЖДПБ, Баткен областтык биргелешкен ооруканасы, Самаркандек ЖДПБ, Тоң райондук ЖДПБ Академик М. Миррахимов атындагы кардиология жана терапия Улуттук борбору, Чаткал райондук ЖДПБ.

Аудит учурунда аныкталган ТМБ жетишпестигине жол берген тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлүп ордуна коюлсун, төмөндөгү мекемелерде: Улуттук фтизиатрия борбору - 0,5 миң сом, Улуттук онкология жана гематология борбору – 131,3 миң сом, Кызыл-Кыя ш. ЖДПБ - 51,2 миң сом, Сузак районунун аймактык ооруканасы – 7,7 миң сом, Р.Т. Бауэр атындагы Жалал-Абад областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору – 8,2 миң сом, Сумсар шаарчасынын ЖДПБ – 6,5 миң сом, Самаркандек ЖДПБ – 18,8 миң сом, Чаткал райондук ЖДПБ – 11,4 миң сом.

Улуттук онкология жана гематология борборунда ашыкча чыккан 12,1 миң сомдук ТМБ жана дары-дармектер кириштелсин.

**Аныкталды жана Корутунду**

Аксы райондук ЖДПБнун 2024-жылдын 31-декабрына карата түзүлгөн баланс боюнча ТМБнын калдыктардын материалдык отчёт менен салыштырууда **332,8 миң сомдук** тамак-аш азыктарынын калдыгы эсеп боюнча көрсөтүлгөн эмес (аудит учурунда бухгалтериялык оңдоо жолдомосу жана тактоонун негизинде 332,8 миң сомдук тамак-аш азыктарынын калдыгы эсепке алынды).

**Сунуштама**

Аксы райондук ЖДПБ, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан

бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары сакталсын жана товардык материалдык баалуулуктардын сакталышына көзөмөл жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду**

-Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 106-пунктун бузуу менен тастыктоочу документтерисиз Жети-Өгүз чоңдор үчүн Республикалык дарылоо-реабилитациялык борборунда 11,5 миң сомго КММ эсептен чыгарылган (аудит учурунда ордуна коюлган).

Ош ш. медициналык шашылыш жардам борборунда аталган Жобонун 167-пунктун бузуу менен 118,9 миң сомдук 2 стационардык рация (бюджеттик каражаттарды башкы тескөөчүсүнүн уруксаты жок) бухгалтердик эсептен чыгарылган. Инвентаризация учурунда жогорудагы 2 рация өндүрүштө пайдаланылып жаткандыгы аныкталган. Аудит учурунда 2 стационардык рация кайрадан бухгалтердик эсепке кириштелди.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун чыгымдарды эсепке алуу бөлүгүнүн аткарылышы төмөндөгү мекемелерде көзөмөлдөнсүн: Ош ш. медициналык шашылыш жардам борборунда жана Жети-Өгүз чоңдор үчүн Республикалык дарылоо-реабилитациялык борборунда.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктун бузуу менен Саламаттык сактоо уюмдарында керектүү дары-дармектер жана медициналык буюмдар негизделген эсептөөлөрсүз чыгымдар жүргүзүлгөн.

2024-жылдын аягына карата саламаттык сактоо уюмдары боюнча дарыкана кампаларында сактоо мөөнөтү бүткөн, колдонуу максатына жетпей калган, керексиз **8 569,5** миң сомдук дары-дармектердин жана медициналык буюмдардын калдыгы аныкталган, анын ичинде: Бишкек ш. №2 ҮБМБ – 819,3 миң сом (утилдештирилген), Бишкек ш. №6 ҮБМБ – 397,3 миң сом (утилдештирилген), Бишкек ш. №9 ҮБМБ – 404,4 миң сом (утилдештирилген), Улуттук онкология жана гематология борбору – 57,6 миң сом, Кемин райондук ЖДПБ – 181,8 миң сом (утилдештирилген), Ысык-Көл райондук ЖДПБ – 340,1 миң сом, Токтогул райондук ЖДПБ – 671,0 миң сом, Талас райондук ЖДПБ – 245,9 миң сом (утилдештирилген), Кара-Суу райондук ҮБМБ – 13,8 миң сом (утилдештирилген), Кара-Суу райондук аймактык ооруканасы – 3 634,7 миң сом (утилдештирилген), Лейлек райондук ЖДПБ – 1 321,8 миң сом, Ысык-Көл

областтык бириккен ооруканасы – 50,0 мин сом, Бишкек ш. №1 ҮБМБ – 431,8 миң сом.

**Сунуштама**

Дары-дармектерди пайдаланууда, жарактуу (сактоо) мөөнөтүндө эффективдүү пайдалануу көзөмөлгө алынсын жана дары-дармек каражаттарын сактоо, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 16-декабрындагы № 759 токтому менен бекитилген “Дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды сактоо Эрежелеринин” 15-пунктуна ылайык жүргүзүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: - Бишкек ш. №2 ҮБМБ, Бишкек ш. №6 ҮБМБ, Бишкек ш. №9 ҮБМБ, Улуттук онкология жана гематология борбору, Кемин райондук ЖДПБ, Ысык-Көл райондук ЖДПБ, Токтогул райондук ЖДПБ, Талас райондук ЖДПБ, Кара-Суу райондук ҮБМБ, Кара-Суу райондук аймактык ооруканасы, Лейлек райондук ЖДПБ, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы, Бишкек ш. №1 ҮБМБ.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**

Саламаттык сактоо уюмдарында дары-дармектер жана медициналык буюмдар боюнча керектөөлөр негизделген эсептөөлөр менен Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктуна ылайык түзүлсүн жана бюджеттик каражаттардын эсебинен жана башка булактардан алынган дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды сарамжалдуу пайдаланууну пландаштыруу камсыздалсын.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан саламаттык сактоо уюмдарына бюджеттик каражатты каржылоодо, бюджеттик каражаттардын керектөөлөрүнө талдоо жүргүзүү менен каржыланып, дары-дармектер жана медициналык багыттагы буюмдардын мөөнөтү өтүү себептери талданып, бузууга жол берген жана көзөмөлгө албаган кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Республикалык жугуштуу оорулар клиникалык ооруканасынын балансында 2021-жылы ПРООНдун глобалдык фондунан гуманитардык жардам катары алынган, баасы **34 330,5 миң сомдук** “Оптима” компьютердик томограф аппараты катталган, ага 2021-жылдан 2024-жылга чейин 27 464,4 миң сом амортизация эсептелген. Бул аппараттын иштешине талдоо жүргүзүүдө 2021-2022-жылдары иштегендиги боюнча маалымат жок (аудитке каттоо журналы берилген жок), 2023-жылы 10 жана 2024-жылы 4, жалпы төрт жыл аралыгында 14 гана изилдөө жүргүзүлгөн, бул аппараттын натыйжасыз пайдаланылып жаткандыгын тастыктайт. “Оптима” компьютердик томограф аппаратында акы төлөмө кызмат көрсөтүүнүн баалары 1747,0 сомго бекитилген, бул жеке менчик медициналык борборлордун бааларына салыштырмалуу бир кыйла арзан. Бирок бүгүнкү күндө, тиешелүү адистин

жана аппараттын бир запастык бөлүгү жоктугуна байланыштуу аппарат иштебей турат.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги**

Гуманитардык жардам катары берилген “Оптима” компьютердик томограф аппаратынын иштетилбей тургандыгынын себептери талдансын жана маанилүүлүгүнө, керектүүлүгүнө жараша башка саламаттык сактоо мекемесине берүү маселеси каралсын жана мамлекеттик мүлктү өз багытында пайдалана албаган Республикалык жугуштуу оорулар клиникалык ооруканасынын жооптуу кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Негизги каражаттарды эсепке алуу жана чыгаруу**

**Аныкталды жана Корутунду**

Аталган Жобонун “Негизги каражаттардын балансынан чыгаруу тартиби” 5-параграфын бузуу менен негизги каражаттарды эсептен чыгарууда, чыгаруу себеби жана техникалык абалы белгиленбей техникалык экспертизанын актылары жок Улуттук онкология жана гематология борбору – 1 977,8 миң сомго, анын ичинен көчүрүүчү жана компьютердик техниканы 315,9 миң сомго жана Бишкек ш. Мэриясынын Муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин негизги каражаттарынын реестринде каттоодо жана мекеменин балансында турган Бишкек ш. №7 ҮБМБ – 1 960,1 миң сомдук көчмө рентген аппараты эсептен чыгарылган

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун “Негизги каражаттардын балансынан чыгаруу тартибинин” 5-пунктунун аткарылышы көзөмөлдөнсүн, төмөндөгү мекемелерде: Улуттук онкология жана гематология борбору, Бишкек ш. №7 ҮБМБ.

Техникалык абалы белгиленбей техникалык экспертизанын актылары жок Улуттук онкология жана гематология борборунда – 1 977,8 миң сомго, анын ичинен көчүрүүчү жана компьютердик техниканы 315,9 миң сомго жана Бишкек ш. Мэриясынын Муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин негизги каражаттарынын реестринде каттоодо жана Бишкек ш. №7 ҮБМБ балансында турган– 1 960,1 миң сомдук көчмө рентген аппаратынын эсептен чыгарылгандыгынын себептери белгиленген тартипте талдансын жана анын жыйынтыгы каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Жобонун 6-главасынын “Негизги каражаттарды таануу” 1-параграфынын 141, 142 жана 143-пункттарын бузуу менен, негизги каражаттардын баланстык наркына тиешелүү чыгымдар **39 941,7 миң сом** кошулган эмес, анын ичинде: Сокулук райондук ЖДПБ – 11 236,7 миң сом,

Ысык-Көл райондук ЖДПБ – 7 705,3 миң сом, Ала-Бука райондор аралык ЖДПБ – 12 730,2 миң сом, Ноокат райондук ҮБМБ – 4 978,7 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп негизги каражатка тиешелүү чыгымдар негизги каражаттардын баланстык наркына кошулду), Ч.Айтматов райондук ЖДПБ – 738,5 миң сом, Баткен областынын Айдаркен ш. ЖДПБ – 2 551,7 мин сом.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун "негизги каражаттарды таануу бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын, төмөндөгү мекемелерде: Сокулук райондук ЖДПБ, Ысык-Көл райондук ЖДПБ, Ала-Бука райондор аралык ЖДПБ, Ч.Айтматов райондук ЖДПБ, Ноокат райондук ҮБМБ, Айдаркен ш. ЖДПБ.

Жобонун 141, 142, 143-пункттарынын талаптарына ылайык, тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү менен негизги каражаттардын баланстык баасы 3290,0 миң сомго көбөйтүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: - Ч. Айтматов райондук ЖДПБ – 738,5 миң сом, Айдаркен ш. ЖДПБ – 2 551,7 мин сом.

**Ижара акысына төлөмдөрдү бюджетке чегерүү**

**Аныкталды жана Корутунду**

"Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Кодексинин 101-беренесинин 2-пунктун бузуу менен атайын каражаттардын эсебине түшкөн ижара акысы республикалык бюджеттин кирешесине 824,3 миң сом которулган эмес, анын ичинде: Улуттук госпиталы – 666,9 миң сом, Лейлек районунун Кулунду айылындагы ЖДПБ – 46,8 миң сом, Токтогул районунун ЖДПБ – 110,6 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 101-беренесинин 2-пунктуна ылайык, республикалык бюджеттин кирешесине ижара акысы которулсун, төмөндөгү мекемелерде: - Улуттук госпиталы – 666,9 миң сом, Лейлек районунун Кулунду айылындагы ЖДПБ – 46,8 миң сом, Токтогул районунун ЖДПБ – 110,6 миң сом.

**Командировкалык чыгымдар**

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомун бузуу менен турак жайды ижаралоо боюнча тастыктоочу документтерисиз 144,2 миң сом чыгымдалган, төмөндөгү мекемелерде - Улуттук фтизиатрия борборунда - 143,0 миң сом, ММК фондунун Жалал-Абад аймактык башкармалыгында -1,2 миң сом.

**Сунуштама:**

Командировкалык чыгымдарды төлөө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы "Командировкалык чыгымдардын

нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" №471 токтомуна ылайык жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 119-пунктуна ылайык, турак жайды ижаралоо боюнча тастыктоочу документтерисиз чыгымдалган 144,2 миң сом ордуна коюлсун, анын ичинде: төмөндөгү мекемелерде - Улуттук фтизиатрия борборунда - 143,0 миң сом, ММК фондунун Жалал-Абад аймактык башкармалыгында -1,2 миң сом.

Тастыктоочу документтерисиз чыгымдарга жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Жобонун 304 жана 305-пункттарын бузуу менен Чон-Алай райондук А. Молдоболотов атындагы ЖДПБ үч жумуш күн ичинде командировкалык чыгымдар үчүн 56,9 миң сомго аванстык отчеттор тапшырылган эмес (аудит учурунда тиешелүү бюджетке ордуна коюлган).

**Сунуштама**

Чон-Алай райондук А. Молдоболотов атындагы ЖДПБ отчет берген адамдар менен эсептешүүнү эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 304 жана 305-пункттарынын аткарылышы көзөмөлдөнсүн.

**Дебитордук карыздарды эсепке алуу**

**Аныкталды жана Корутунду**

Жобонун 7-главасынын, "Дебитордук карызды эсепке алуу" параграфынын юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен, бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн **2 851,8 миң сомдук** дебитордук карыздар төмөндөгү мекемелерде аныкталган: Бишкек ш. №5 ҮБМБ – 145,9 миң сом (аудит учурунда бухгалтердик маалымкат түзүлүп 122,9 миң сом көрсөтүлбөгөн дебитордук карыз балանска алынган, калдыгы 23,0 миң сом), Лейлек районунун Кулунду айылындагы ЖДПБ – 945,0 миң сом, Сумсар шаарчасынын ЖДПБ – 1498,5 миң сом, Самаркандек ЖДПБ – 262,4 миң сом.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобого ылайык дебитордук карыздарды эсепке алуу боюнча өз убагында жана толук чагылдыруу бөлүгүндө аткарылышы камсыздалсын, төмөндөгү мекемелерде: - Бишкек ш. №5 ҮБМБ, Лейлек

районунун Кулунду айылындагы ЖДПБ, Сумсар шаарчасынын ЖДПБ, Самаркандек ЖДПБ.

Тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү жана бухгалтердик эсепке алуу боюнча дебитордук карыздардын суммалары төмөндөгү мекемелерде калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн: - Бишкек ш. №5 ҮБМБ – 23,0 миң сом, Лейлек районунун Кулунду айылындагы ЖДПБ – 945,0 миң сом, Сумсар шаарчасынын ЖДПБ – 1498,5 миң сом, Самаркандек ЖДПБ – 262,4 миң сом.

**Мамлекеттик сатып алуулар**
**Аныкталды жана Корутунду**

Саламаттык сактоо уюмдарынын дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды сатып алуусуна мониторинг талаптагыдай жүргүзүлбөгөндүгүнөн "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 48-беренесин бузуу менен Саламаттык сактоо уюмдарынын сатып алууларга түзүлгөн Келишимдерде жеткирүүчүнүн жоопкерчилиги каралбастан түзүлгөндүгүнүн кесепетинен 2024-жылдын 31-декабрына карата, бухгалтердик эсеп боюнча дебитордук карыздар 349 979,3 миң сом түзгөн, анын ичинен эң олуттуусу "Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасынан дебитордук карызы 226 936,6 миң сомду түзөт (аудит жүргүзүлгөн учурда айрым жеткирүүчүлөр милдеттерин толук аткара элек), төмөндөгү мекемелерде: - Бишкек ш. №1 ҮБМБ – 2 805,1 миң сом, Бишкек ш. №10 ҮБМБ – 5 132,4 миң сом, Улуттук госпиталы – 9 492,4 миң сом, Академик М. Миррахимов атындагы кардиология жана терапия Улуттук борбору - 37 941,5 миң сом, КРнын Президентинин Иш башкармасына караштуу клиникалык ооруканасында - 6932,6 миң сом, Республикалык дерматовенерология борбору – 7 134,3 миң сом, Бишкек ш. перинаталдык борбору – 5 937,8 мин сом, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору – 9 655,0 миң сом, Бишкек ш. клиникалык медициналык тез жардам берүү ооруканасы – 8 095,2 миң сом, Ысык-Ата райондук ЖДПБ – 14 398,6 миң сом, Чүй райондук ЖДПБ – 1 223,9 миң сом, Токмок ш. ЖДПБ – 6 173,6 миң сом, Ош ш. ҮБМБ – 1 996,1 миң сом, Өзгөн райондук ЖДПБ – 5 236,8 миң сом, Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасы – 18 631,2 мин сом, , Ноокат райондук ЖДПБ – 242,0 миң сом, Баткен областтык ҮБМБ – 618,0 миң сом, Кызыл-Кыя ш. ЖДПБ – 5 332,8 миң сом, Кадамжай райондук ЖДПБ – 4 764,5 миң сом, Кадамжай районунун Үч-Коргон айылындагы ЖДПБ – 807,9 миң сом, Баткен областынын Айдаркен ш. ЖДПБ – 3 918,5 мин сом, Жалал-Абад областтык ҮБМБ – 1 402,5 миң сом, Сузак районунун ҮБМБ – 3 878,9 мин сом, Ала-Бука райондук ЖДПБ – 1 221,2 миң сом, Ноокен райондук ЖДПБ – 11 732,2 миң сом, Токтогул райондук ЖДПБ – 6 702,4 миң сом, Кызыл-Өзгөрүш айылынын К. Малабашев атындагы ЖДПБ – 2 502,5 миң сом, Майлуу-Суу ЖДПБ – 3 301,5 миң сом, Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасы – 4 345,2 миң сом, Сузак районунун аймактык ооруканасы – 8 524,4 мин сом, Нарын областтык ҮБМБ – 7 970,0 миң сом,

Ат-Башы райондук ЖДПБ – 7 390,9 миң сом, Жумгал райондук ЖДПБ – 4 603,6 миң сом.

**Сунуштама**

ММК фонду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы № 339 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жөнүндө” Жобосунда каралган функционалдык милдеттеринин аткарылышын камсыздасын.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 48-беренесинин, Контрактты башкаруу бөлүгүнө ылайык мамлекеттик сатып алуулар жүргүзүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: - Бишкек ш. №1 ҮБМБ, Бишкек ш. №10 ҮБМБ, Улуттук госпиталы, Академик М. Миррахимов атындагы кардиология жана терапия Улуттук борбору, КРнын Президентинин Иш башкармасына караштуу клиникалык ооруканасы, Республикалык дерматовенерология борбору, Бишкек ш. перинаталдык борбору, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору, Бишкек ш. клиникалык медициналык тез жардам берүү ооруканасы, Ысык-Ата райондук ЖДПБ, Чүй райондук ЖДПБ, Токмок ш. ЖДПБ, Ош ш. ҮБМБ, Өзгөн райондук ЖДПБ, Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасы, Ноокат райондук ЖДПБ, Баткен областтык ҮБМБ, Кызыл-Кыя ш. ЖДПБ, Кадамжай райондук ЖДПБ, Кадамжай районунун Үч-Коргон айылындагы ЖДПБ, Баткен областынын Айдаркен ш. ЖДПБ, Жалал-Абад областтык ҮБМБ, Сузак районунун ҮБМБ, Ала-Бука райондук ЖДПБ, Ноокен райондук ЖДПБ, Токтогул райондук ЖДПБ, Кызыл-Өзгөрүш айылынын К. Малабашев атындагы ЖДПБ, Майлуу-Суу ЖДПБ, Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасы, Сузак районунун аймактык ооруканасы, Нарын областтык ҮБМБ, Ат-Башы райондук ЖДПБ, Жумгал райондук ЖДПБ.

**Аныкталды жана Корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесин бузуу менен контракты аткарууну кепилдик камсыздоосуз **13 813,6 миң сом** депозиттик эсептерге түшкөн эмес. анын ичинен: - Жайыл райондук аймактык ооруканасы – 1 490,5 миң сом, Сузак райондук ҮБМБ - 1 637,3 миң сом, Аксы райондук ЖДПБ - 2 003,6 миң сом, Ала-Бука райондор аралык ЖДПБ - 220,6 миң сом, Базар-Коргон райондук ЖДПБ - 1 766,4 миң сом, Сузак райондук Октябрь айылынын ЖДПБ - 201,8 миң сом, Сумсар шаарчасынын ЖДПБ – 139,5 миң сом, Тогуз-Торо А.Жакишев атындагы ЖДПБ – 511,0 миң сом, Токтогул районунун Үч-Терек айылындагы Ч. Орозов атындагы ЖДПБ – 95,1 миң сом, Майлуу-Суу ЖДПБ – 287,0 миң сом, Р.Т. Бауэр атындагы Жалал-Абад областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору – 1 429,2 миң сом, Балыкчы ш. ЖДПБ – 151,5 миң сом, Жети-Өгүз райондук ЖДПБ – 1 756,4 миң сом, Нариман аймактык ооруканасы, Кара-Суу райондук аймактык ооруканасы, Баткен областтык биргелешкен ооруканасы, Тоң райондук ЖДПБ – 603,3 миң сом, Академик

М. Миррахимов атындагы кардиология жана терапия Улуттук борбору – 256,3 миң сом, Ноокен райондук ЖДПБ – 1 264,1 миң сом.

**Сунуштама**:

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесине ылайык, контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо бөлүгүндө аткарылышы камсыздалсын, төмөндөгү мекемелерде: - Жайыл райондук аймактык ооруканасы, Сузак райондук ҮБМБ, Аксы райондук ЖДПБ, Ала-Бука райондор аралык ЖДПБ, Базар-Коргон райондук ЖДПБ, Сузак районунун Октябрь айылынын ЖДПБ, Сумсар шаарчасынын ЖДПБ, А.Жакишев атындагы Тогуз-Торо ЖДПБ, Токтогул районунун Үч-Терек айылындагы Ч. Орозов атындагы ЖДПБ, Майлуу-Суу ЖДПБ, Р.Т. Бауэр атындагы Жалал-Абад областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору, Балыкчы ш. ЖДПБ, Жети-Өгүз райондук ЖДПБ, Нариман аймактык ооруканасы, Кара-Суу райондук аймактык ооруканасы, Баткен областтык биргелешкен ооруканасы, Тоң райондук ЖДПБ, Академик М. Миррахимов атындагы кардиология жана терапия Улуттук борбору, Ноокен райондук ЖДПБ.

**Аныкталды жана Корутунду**

Баткен областынын Айдаркен ш. ЖДПБ "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесин бузуу менен контрактка кол коюудан баш тарткан жеңүүчүгө берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуу суммасы **17,2 миң сом** кайтарылып берилген (аудит учурунда 17,2 миң сом тиешелүү бюджетке которулган).

**Сунуштама:**

Баткен областынын Айдаркен ш. ЖДПБ, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин аткарылышы камсыздалсын жана бузууларга жол берген тиешелүү кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17.3 жана 51-беренелеринде каралган талаптарын бузуу менен: бир булактан сатып алуу методун колдонууда товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү электрондук каталог аркылуу эмес; майыптардын коомдук бирикмелери тарабынан түзүлгөн уюмдардан курулуш жана оңдоо иштерди; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган берүүчүлөрдүн тизмесине кирбеген жеткирүүчүлөрдөн, түзүлгөн контракттарга өзгөртүүлөрдү киргизүү менен **53 626,9 миң сомго** сатып алуулар жүргүзүлгөн, анын ичинде: Улуттук фтизиатрия борбору – 26 823,3 миң сом, Улуттук онкология жана гематология борбору – 2 612,4 миң сом, Бишкек ш. №2 ҮБМБ – 480,0 миң сом, Бишкек ш. №9 ҮБМБ – 443,6 миң сом, Бишкек ш. №10 ҮБМБ – 949,9 миң сом, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору – 2 605,5 миң сом, Бишкек ш. медициналык тез жардам балдар клиникалык ооруканасы – 10 151,4 миң сом, Бишкек ш. клиникалык

медициналык тез жардам берүү ооруканасы – 78,9 миң сом, Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасы - 4 325,2 миң сом, Кемин райондук ЖДПБ – 843,4 миң сом, Сокулук райондук ЖДПБ – 1485,0 миң сом, Ысык-Көл райондук ЖДПБ – 575,1 миң сом, Талас райондук ЖДПБ – 351,7 миң сом, Бакай-Ата райондук ЖДПБ – 292,0 миң сом, Ала-Бука райондор аралык ЖДПБ – 1 221,2 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы – 388,3 мин сом, Ысык-Көл райондук ЖДПБ – 1 342,9 миң сом.

**Сунуштама**

Товарлар, жумуштар жана кызматтарды сатып алууда “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17 жана 51-беренелеринде каралган сатып алуу жол-жоболорунун аткарылышы камсыздалсын, жана бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: Улуттук фтизиатрия борбору, Улуттук онкология жана гематология борбору, Бишкек ш. №2 ҮБМБ, Бишкек ш. №9 ҮБМБ, Бишкек ш. №10 ҮБМБ, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору, Бишкек ш. медициналык тез жардам балдар клиникалык ооруканасы, Бишкек ш. клиникалык медициналык тез жардам берүү ооруканасы, Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасы, Кемин райондук ЖДПБ, Сокулук райондук ЖДПБ, Ысык-Көл райондук ЖДПБ, Талас райондук ЖДПБ, Бакай-Ата райондук ЖДПБ, Ала-Бука райондор аралык ЖДПБ, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы, Ысык-Көл райондук ЖДПБ.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 312-пунктунун жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө авансалык төлөмдөрдүн өлчөмү контракттын суммасынын 20 пайызга чейин белгиленет деген талаптары сакталбастан, толук суммасы **18 559,5 миң сом** алдын-ала которулуп берилген, анын ичинде: Бишкек ш. медициналык тез жардам балдар клиникалык ооруканасы – 14 000,0 миң сом, Панфилов райондук ЖДПБ – 1 988,0 миң сом, Жети-Өгүз чоңдор үчүн Республикалык дарылоо-реабилитациялык борбору – 2 571,5 миң сом,

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 312-пунктунун талаптарынын аткарылышы көзөмөлдөнсүн жана алдын-ала которуп берүүлөргө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: Бишкек ш. медициналык тез жардам балдар клиникалык ооруканасы, Панфилов райондук ЖДПБ, Жети-Өгүз чоңдор үчүн Республикалык дарылоо-реабилитациялык борбору.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 489 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү” Тартибинин 25-пунктунун талаптарын бузуу менен, 2024-жылы электрондук веб-порталда кулактандырууда, сатып алына турган принтердин фирмалык аталыштарын жайгаштыруу менен, котировкаларды сурап алуу ыкмасы аркылуу компьютердик техникаларды, принтерлерди жана планшеттерди 1 808,2 миң сомго сатып алуу жүргүзүлгөн, анын ичинен: Кемин райондук ЖДПБ – 238,2 миң сом, Бакай-Ата райондук ЖДПБ – 1 570,0 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 489 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү” Тартибинин 25-пунктунун аткарылышы көзөмөлдөнсүн, төмөндөгү мекемелерде: Кемин райондук ЖДПБ, Бакай-Ата райондук ЖДПБ.

Аудиттин жыйынтыгында жалпы бузуулар 941 613,0 миң сомго аныкталган, анын ичинен:

- процедуралык бузуулар – 461 550,9 миң сомду;
- каржылык бузуулар – 480 062,1 миң сомду түзгөн.

каржылык бузуулардын ичинен:

- 354 225,3 миң сом - бюджетти аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер;
- 78 407,9 миң сом - мүлктү пайдалануудагы бузуулар жана кемчиликтер;
- 47 411,7 миң сом - эсеп жана отчеттуулук тартибиндеги бузуулар;
- 17,2 миң сом - товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу чөйрөсүндөгү бузуулар.

480 062,1 миң сом каржылык бузуулардын *(393 454,7 миң сом бюджет жана 86 607,4 миң сом бухгалтердик эсеп боюнча)* ичинен 118 883,9 миң сом калыбына келтирилүүгө тийиш болсо *(39 862,9 миң сом бюджет жана 79 021,0 миң сом бухгалтердик эсеп боюнча)*, аудиттин жүрүшүндө 80 338,1 миң сом же 67,6 % калыбына келтирилген *(8 527,7 миң сом бюджет жана 71 810,4 миң сом бухгалтердик эсеп боюнча)*.

*Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда шайкештик аудиттин алкагында капиталдык оңдоо жана курулуш-куроо иштерине аудит жүргүзүү үчүн курулуш боюнча мамлекеттик инспекторлор (адистер) өз убагында жетишпегендигинин себебинен 9 мекемеге аудит жүргүзүлгөн эмес жана кийинки аудиттин алкагында эске алынат.*

2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо

министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун, анын аймактык башкармалыктарынын жана Бирдиктүү төлөөчү тутумундагы саламаттык сактоо мекемелеринин бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору А.А. Раматилаевдин жетекчилиги менен, курамында башкы мамлекеттик инспекторлор Т. Исанов, А. Токоматов, Н. Тургунбаев, Н. Кайимов, мамлекеттик инспекторлор Кутпидин уулу А., К. Чымылдаков, З. Жакыпов, М. Макешов, С. Султанмуратов, А. Аттокуров, А. Абдуллаев, А. Ниязалиев, Р. Иманбаев, курулуш боюнча мамлекеттик инспекторлор Д. Кубанычбеков, А. Ажибеков, М. Толубаев жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош ш., Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүмдөрүнүн инспекторлору тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **А.А. Раматилаев**